**Айгине маданий-изилдөө борбору**

# Суунун да сурагы бар

**Бишкек - 2017**

УДК
ББК

Окуу китепче “Жаштардын жана жергиликтүү жамааттардын суу булактары боюнча билим-түшүнүктөрүн кеңейтүү" долбоордун алкагында даярдалган. Бул долбоор Кыргыз Республикасындагы АКШ Элчилиги тарабынан каржыланган. Бул жерде келтирилген сунуштар, корутундулар жана пикирлер авторлордун оюн гана билдирет. АКШ мамлекеттик департаментинин көз карашына дал келбеши мүмкүн.

**Окуу китепти түзгөндөр:** Самаков Айбек

**Маалымат топтогон топ:** Мадумарова Малохат, Акимбаева Тазагүл, Зайнидинов Бахриддин, Турдибоев Сарвар, Абдалимова Парвона, Абдивалиев Боходир, Боконтаева Жаңыл, Сооронбаева Чолпон, Абдуманапова Зухра, Абыласынова Гүлайым, Шекеев Тилекмат, Ахмедова Зарина, Юсупова Вунжер.

**Текст редактору** – Айтпаева Гүлнара, Самаков Айбек, Алыбаева Гүлнара

Суунун сурагы. - 2017

**ISBN**

Окуу куралында берилген маалыматтар Ысык-Көл менен Баткен аймактарындагы эки жергиликтүү изилдөө топтору тарабынан жыйналып, иргелип, мугалимдерге, окуучуларга сунушталып жатат. Изилдөөчү топтор жергиликтүү тургундардан куралып, эл арасындагы сууга байланыштуу салттык билимди, усул-тажрыйбаларды чогултууну көздөдү.

**У**
**ISBN**

**УДК**
**ББК**

© Айгине маданий-изилдөө борбору, 2017
720040, Токтогул көчөсү 93,
Бишкек шаары, Кыргызстан

# Мазмуну


Суу мен жана сиз үчүн эмне? ........ 5
Суу аттары кандай коюлуп калган? ........ 6
Баланы кырк кашык сууга киринтүү ........ 9
Башынан суу тегеретүү ........ 10
Дем салуу, учуктоо ырымы ........ 11
Сууну аттатуу ........ 12
Артынан суу чачуу ........ 12
Нике кыюу (үйлөнүү тою) ........ 13
Түлөө (жаан-чачын ырымы) ........ 13
Чокундуруу (Крещение) ........ 14
Даарат алуу ........ 14
Колго суу куюу ........ 14
Жаман түштү сууга айтуу ........ 14
Суу менен үй салууга жер табуу ........ 15
Майрам суу жана сөөктү жуу ырымы ........ 15
Элдик ишенимдер, тыюулар жана жазылбаган эрежелер ........ 15
Суроолор ........ 16
Суу менен дарылоо ыкмалары ........ 18
Дары суулар жана булактар ........ 19
Суроолор ........ 21
Абыз, авиз, ховуз ........ 23
Кумурадагы сууга бака салып койсо таза сакталат ........ 25
Ириген сүт (же айран) менен сууну тазалоо ........ 25
Тамчылатып сугаруу ........ 25
Тоңдурма же яхоб суу ........ 25
Кир сууларды тазалаган биокөлмөлөр ........ 27
Кооптуу суу ........ 27
Суу кордогон, кор болот ........ 27
Суроолор ........ 28
Чыр-Чатак ........ 29
Суроолор ........ 29
Суроолор ........ 41
Макал-лакаптардын тизмеси (appendix) ........ 43

## КИРИШҮҮ

***Урматтуу окуучулар,***

*Сиздер колуңуздарда кармап турган окуу куралы, мектеп үчүн жазылган башка китептерден кыйла айырмаланат. Окуу куралында берилген маалыматтар Ысык-Көл менен Баткен аймактарындагы эки жергиликтүү изилдөө топтору тарабынан жыйналып, иргелип, сиздин назарыңызга сунушталып жатат. Изилдөөчү топтор жергиликтүү тургундардан куралып, эл арасындагы сууга байланыштуу салттык билимди, усул-тажрыйбаларды чогултууну көздөдү. Ушундан улам изилдөө аркылуу изилдөөчүлөрдүн да, жергиликтүү калктын да көңүлүн суу көйгөйлөрүнө буруп, ошол маселелерди чечүүдө салттык билимдин керектигин жана пайдалуулугун биз анык байкадык.*

*Изилдөө башталганга чейин, бул окуу куралы кандай баптардан туруп кандай тариздe болоорун билген эмеспиз. Биз изилдөөбүздө төмөндөн-жогоруга карай жылып, биринчиден, маалыматты жыйнап, андан кийин жыйналган маалыматтарды талдап, китепте кандай баптар болоорун аныктаган соң маанисине карай бөлүштүрдүк. Ар бир бап Жеңижоктун "Аккан суу" чыгармасынан алынган үзүндү менен башталат.*

*Баткен облусунун изилдөө тобунда Мадумарова Малохат, Акимбаева Тазагүл, Зайнидинов Бахриддин, Турдибоев Сарвар, Абдалимова Парвона жана Абдивалиев Боходир иштеди. Ысык-Көлдүн тобунда Боконтаева Жаңыл, Сооронбаева Чолпон, Абдуманапова Зухра, Абыласынова Гүлайым, Шекеев Тилекмат, Ахмедова Зарина, Юсупова Вунжер жумуш кылышты. Бул окуу китепчени чыгарууда Карамолдоев Жумакадыр, Сейдакматова Чынара, Жумагазы Садыр уулу жана Айза Абдырахманова жардам беришти. Долбоор Айгине маданий изилдөө борборунун демилгеси менен жана АКШ Элчилигинин колдоосу менен ишке ашты.*

*Арийне, окуу куралда жыйналган маалыматтар сууга тиешелүү салттык билимди толугу менен чагылдырды дегенден алыспыз. Бул окуу курал сиздердин салттык билимге болгон кызыгууңарды кубаттап, аны тереңирээк өз алдынча изилдөөгө жана билүүгө түрткү болот деген ишенимдебиз.*

*Өмүрлөрүңөр суудай узун болсун, билимиңер Ысык-Көлдөй терең болсун деп,*

*Айбек Самаков, китепчени түзгөн топтун жетекчиси.*

## Суу мен үчүн...

Айтып жана кеткендей:
Чөп жаратат аккан суу.
Төрт-түлүктү семиртип,
Эт жаратат аккан суу.
Алма, жүзүм, алмурут,
Алча кылат аккан суу.
Четин, шилби, карагай,
Арча кылат аккан суу.
Биз билбеген дүйнөдөн,
Канча кылат аккан суу,
Ай жаныбар, аккан суу!..
.....
Тоодон аккан жеринен,
Жаралганда тегинен,
Тунук болгон аккан суу.
Тазалыгы жагынан,
Карап турсаң баарынан,
Улук болгон аккан суу.
Кемеринин ичине,
Алтын канат, жез куйрук,
Балык толгон аккан суу.
Керектиги Ааламга,
Анык болгон аккан суу!..

*Аккан суу, Жеңижок*

**Суу мен жана сиз үчүн эмне?**

Суу ар бир кишинин жана жалпы адамзаттын өмүрүндө кайталанбас, эч ким тана албаган чоң орунду ээлейт. Суу сиз үчүн эмне? Ушу суроо менен биз адамдарга кайрылып, кээ бир жоопторду ушул бөлүктө топтодук.

Суу мен үчүн жашоо жана байлык. Суу тазалык, дарылык. Суусуз жашоо жок. Сууну дагы сыйлаш керек, таза кармаш керек. Сууга кылдат мамиле кылыш керек. Суунун дагы колдоочусу, ээси бар (**Карымшакова Шаршекан, Кереге-Таш айылы, Ысык-Көл облосу**).

Суу деген адам баласынын жашоосу. Бүтүн дүйнөгө жашоо берген суу. Жашоонун биринчи булагы суу. Суунун дарычылыгы бар, көп оорулардан айыктырат (**Сейдекан эне, Жети-Өгүз айылы, Ысык-Көл облусу**).

Суу - бул жашоо. Мына азыр биз да суу менен жашайбыз, бул Козубаглан дарыясынын суусу өтө таза суулардын бири. Бул суу, эскилер айткандай, таштан ташка урулуп, бышкан суу, бул суунун дарылык жагы да бар . Бирок элдин көбөйүүсүнүн артынан бул суунун тазалыгы начарлап баратат, себеби ар кандай суулар кошулуп жатат (**Пирманова Алтынай, Эски-Оочу айылы, Баткен облусу**).

«Суу - адамдын өмүрү, суу - жердин өмүрү. Суусуз өмүр жок», - деп айтчу эле атам, ошондуктан илгертеден ата-бабаларыбыз сууга аяр мамиле жасашчу. Чын эле

ойлоп көрсөм, суу кымбат экен. Бийик тоолордун боорунан атылып чыгып, адамды көздөй ашыгат. Адам аны ооздуктан буруп, эгиндерди, жемиштерди сугарат. Суу эч качан чарчадым дебейт. Адам жумшаган жакка барып, мойнуна таккан милдетин так аткарат. Биз суу аркылуу жарык алабыз. ГЭС куруп, суу мында да үйгө тынчтык шамын күйгүзүп, тамак-аш бышырууга жана башка көптөгөн иштерге жарап берип турат. Биз колдоно турган эң ыйык зат - суу. Суунун аткарар милдети чоң. Ичсең суусунуңду кандырат, жуусаң кириңди кетирет. Карасаң күзгү болуп жүзүңдү көрсөтөт (**Кожокеев Жаныбек, Кичи-Жаргылчак айылы, Ысык-Көл облусу**).

Суу тирүү жан, тирүүлүк деп билем. Себеби элибиз сууну башынан урматтап, сыйлап, Кудайдын берген негизги ырыскысы катары түшүнүшкөн (**Эркимбаев Максат, Каракол шаары, Ысык-Көл облусу**).

Суу - бул адам баласына эң керектүү болгон зат. Суу - жашоонун булагы. Суу кордогон кор болот дегендей, сууну эч качан кор кылбоо керек. Ысырап кылбоо керек. Анын да суроо-жообу бар, бир күнү жооп берип калабыз, бул дүйнөдө болбосо да, аркы дүйнөдө, чын жашообузда (**Динара Тороева, Бешкент айылы, Баткен облусу**).

Суунун маалыматты сактоо касиети бар. Кээ бир элди-жерди карасак, суусунан деп коюшат. Суусуна жараша мүнөздөрү, кыялдары болот. Сууну канча таза кармасак, жашообуз да ошончо таза болот (**Акматалиев Жыргалбек, Каракол шаары, Ысык-Көл облусу**).

**Суу аттары кандай коюлуп калган?**

Кыргызстандын бардык аймагында «Көк-Суу», «Кашка-Суу», «Ак-Суу», «Кара-Суу» деген суу аталыштары (гидронимдер) көп кездешет. Эмне үчүн кыргыздар бир түстөгү эле сууну ар башка ысымдар менен аташкан? Суу боюнча адис, илимпоз, кандидат/доктор Жумакадыр Жекшенович Карамолдоев ушул маанилүү суроону коюп, байыркы кыргыздардын суу аталыштарында катылган билимин түшүнүүгө аракет кылган. Изденүүлөрүнүн негизинде Жумакадыр Карамолдоев төмөнкү ойлорду сунуштайт.

Даанышман ата-апалар суулардын агымын, касиеттерин, агып чыккан булактарын байкап, өзгөчөлүктөрүн баамдап, ошолорго карата сууларды аташкан. Суунун ысымы - бул суунун мүнөздөмөсү.

Өлкөбүздүн ар кайсы жеринде жайгашкан «Көк-Суулар» өз ара сууну азыктаган булагы боюнча окшош болуп, ошол эле азыктоочу булагы боюнча «көк», «кашка», «ак», «кара» суулар бири-биринен айырмаланып турат:

***«Көк-Суулар»*** негизинен **мөңгүлөрдөн** куралып, эң бийиктен чыккан суулар болуп саналат. Алар мөңгүнүн эриген сууларынан азыктанат. «Көк-Суулар» Кыргызстандын түндүгүнө караганда түштүгүндө азыраак кездешет, себеби бул аймактын кырка тоолорунун орточо бийиктиги түндүктүн тоолорунан жапызыраак келип, мөңгүлөрүнүн саны аз болушу менен түшүндүрүлөт. Мисалы үчүн, Кызыл-Суу дарыясынын куймасы болгон Алай-Куу кырка тоосунан башталган Көк-Суу дарыясы бар.

Көк-Суунун деңгээли Теке айынын аягында – Аяк оонанын башында эң жогорку ченемге жетип, мөңгүлөрдүн катуу эрий баштаган мезгилине туура келет.

***«Кашка-Суулар»* кар жана мөңгүнүн** суусунан куралат. Негизинен мөңгүнүн жана көбүнчө тоолордун теской бетиндеги карлардын эриген сууларынан бирдей азыктанат. Ошону үчүн, «кашка» суулардын ташкындоо мөөнөтү «көк» сууларга караганда узагыраакка созулат (Бугу – Баш оона айларына туура келет). Ал эми күн ичинде бешимде ташкындап, таңга маал тартылат.

**Мөңгү, кар жана жер астындагы суулардан** дээрлик бирдей куралган дарыялар ***«ала сууларды»*** түзүшөт. Мисалы үчүн, Ала-Арча, Ала-Бука суулары. Кээ бир суулардын аттары азыр чечмеленип жаткан «көк», «кашка», «ала», «ак», «кара» түстөрү менен бирге жаныбарлардын атын камтыйт. Мисалы, Ала-Бука же Ак-Буура сууларынын экинчи бөлүгү, тагыраак айтканда, «бука» жана «буура», ошол суулардын агымынын күчүн билдирет. Ала-Бука Чаткал кырка тоосунан, ал эми Ак-Буура суусу Алай кырка тоосунан башталып, агымы күчтүү, чоң ылдамдыкта шар агуучу суулар.

***«Ак-Суулар»*** дагы **кар жана мөңгүнүн** суусунан куралып, бирок алардын орточо бийиктиги Көк-Суулардан жана Кашка-Суулардан төмөнүрөөк жайгашат жана күңгөй беттерде да кездеше берет. Мисалы, Ысык-Көлдө бир районго атын берген Ак-Суу өзөнү бар болсо, өлкөбүздүн түштүгүндө Ай-Көл көлүнөн сарыгып чыккан суу менен Деңизбай суусу кошулгандан кийин пайда болгон Ак-Суу дарыясы бар. Бул суу Бугу айында кирип, Теке айында ташкындайт да, Тогуздун айында тартылат.

***«Кара-Суулар»*** көбүнчө **жер астынан чыккан булак сууларынан** жана азыраак көлөмдө кар жана мөңгү сууларынан түзүлөт. «Кара-Суулардын» башы «көк», «кашка» жана «ак» сууларга салыштырмалуу төмөнүрөөк жайгашат. Мисалы, эл оозунда Кара-Суу деп да аталган Исфана суусу.

Ошентип, суулардын башынын чыкканына жана азыктануу булагына жараша тиешелүү түстөр атына кошулган. Суунун башы эң жогору болуп, мөңгүнүн суусунан пайда болгон өзөндөр «Көк-Суулар» болуп, алардан төмөн баш алган суулар «кашка», «ала», «ак» жана «кара» суулар болуп аталган (Арийне, жогоруда түшүндүрүлгөн эреже Кыргызстандагы бардык суу аттарынын келип чыгышын камтыбайт. Мисалы, Кыргызстандын аймагында **«Кызыл-Суу»** деп аталган бир канча суулар бар. Алардын суусу палеоген доорунда пайда болгон кызыл чополуу тоо менен адырлардын беттерин жууп түшүп, ошол суу кызыл чопо түстүү болуп агат.

Кээ бир суулардын аты ошол суулардын келип чыгышына же түсүнө эмес, ошол суулардын «мүнөзүнө» жараша коюлган. Мисалы, «Тентек-Суулар» өрөөндүн таманы менен бирде оң тараптан акса, бирде сол тараптан агып, нугун өзгөртүп турат. Дайыма бир нукта акпаган үчүн кыргыз эли мындай сууларды «тентек» деп атап коюшат. Алардын эң ириси Фергана жана Бабаш-Ата кырка тоолорунан башталган Кызыл-Үңкүр жана Арстанбап сууларынын кошулушунан түзүлүп, Кара-Дарыяга оң тарабынан куят. Ошого окшош «Жинди-Суулар» кирген мезгилде ташкындап, жайылмаларды каптап, айылдарга, мал-жанга кооптуу аккандыктан ушундай аталып калган.

Элдик билимде булактар «эркек» жана «катын» булак болуп бөлүнөт. 100-200 кулач тереңдикте жер астында басымсыз суулар аккан тоолордо ташкынсыз булактар пайда болот. Ошолордун аттары (гидронимдери) көбүнчө эл оозунда «эркек булак» деп калган. Ташкындуу булактарды пайда кылган көптөгөн басымы күчтүү жер астындагы

суулар да бар. Ташкындуу булактарды көбүнчө «катын булак» аталып калат. Демек, элдик билимде түзүлүшүнүн жана пайда болушунун негизинде эки (ташкындуу жана ташкынсыз) түр булакты таанышкан. Булактын түзүлүшү менен пайда болуу түрү анын бир күн ичинде жана ар кайсы мезгилде канча суу берээрин алдын ала айтууга жардам берет.

**Суроолор**

- Суу сиз үчүн эмне?
- Сиз жашаган аймакта «көк», «кашка», «ак», «кара» же «кызыл» суулар барбы? Башка «түстөгү» сууларчы? Алар эмнеге ошондой аталып калган?

## Ырым-жырымдар

Башын салса: «Тур, кет!» деп,
Унчукпаган аккан суу!
Ирик менен чирикти,
Таза кылган аккан суу.
А жаныбар, аккан суу,
Күнү-түнү аксаң да,
Кызмат этип жатсаң да,
Кадырыңды билбейбиз.
Көңүлүңдү кир кылып,
Кайра өзүңдү тилдейбиз.
Жок дегенде бир жылда,
Зыярат кылып жүрбөйбүз.
Суу сыйлаган зор болор,
Суу кордогон кор болор,
Өзүнө өзү жоо болор.
Акыл менен ойлоп ал,
Айткан жокмун тим гана!..

*Аккан суу, Жеңижок*

Күнүмдүк турмуштун маанилүү бөлүгүн ырым-жырымдар ээлейт. Ошол ырымдардын көбүндө суу колдонулуп, адам баласы бул дүйнөгө төрөлгөндөн тартып, өмүрүнүн соңку күндөрүнө чейин жасалган ырымдарда суу кандай мааниге ээ экенине ушул бапта сөз кылабыз.

### Баланы кырк кашык сууга киринтүү

Жаңы төрөлгөн бала кырк күнгө толгондо, аны 40 кашык сууга киринтүү ырымы көп элдердин салтында бар. Аны кыргыздар баланын «кыркын чыгарабыз» десе, казак тилинде «Қырқынан шығару же шілдехана», татар, өзбек, уйгур тилинде «кырк суу» деп аталат. Бул ырымды аял кишилер кылып, кырк кашык сууну балага тамчылатып жуунтат жана ар бир кашыкты куйган сайын «Умай эне колдосун», «өмүрү суудай таза, тунук жана узун болсун», «суудай шар агып, эч бир жолунан адашпасын» деп жана башка жакшы тилектерди айтып турушат. Негизи, наристени кыркы чыккыча үйүнөн сыртка алып чыгышпайт. Бул ырым Кыргызстандын бардык аймактарында жасалат, ошондуктан жергиликтүү каадага жараша бир аз айырмалар болушу мүмкүн (Box 1).

Казактарда кыркын чыгарган күнү баланын туулган күнү болуп эсептелинет, себеби 40 күн өткөндөн кийин гана бала өз алдынча энесинин жатынынын сыртындагы жашоого көнөт. Кыркын чыгаргыча баланы эч кимге көргөзбөйт. Ырымды жасаганда аялдар менен байбичелер баланы 41 кашык сууга жуунтушат. Атайын даярдалган чыныга 41 тыйын жана 41 кумалак (же буурчак) салышат. Тыйындар байлыктын, буурчак болсо ток жана узун жашоонун белгиси. Чакыралган коноктор кашыктап чыныга суу куюшат

жана жакшы тилектерин айтышат. Баланы жуунткандар да жакшы тилектерди айтып турушат. Жуунтуп жатканда тыйындар менен буурчактар баланын үстүнө түшсө боло берет. Баланын ар бир мүчөсүнө суу тийгизиш керек, себеби суу тийбей калган жер болсо, ошол жер ооруларды тартышы мүмкүн. Баланын тырмак-чачын алып, көз тийбесин деп чүпүрөккө ороп, кийимине тигип коюшат. Ырым бүткөндөн кийин колдонулган чыны, кашык жана тыйындар жугуштуу болсун деп, алардын үйүндө да бала төрөлсүн деп катышкандарга берилет. Буурчактарды болсо бут баспаган жерге төгүп салат. Кыркын чыгарган сууну эмдик касиети бар, баланын уйкусу бузулса, бетин ошо менен сүртүп койсо болот (**Ибраева Айнура, Каракол шаары, Ысык-Көл облусу**).

Өзбектерде болсо аялдар жыйналып, тамак жасап, эки чыны суугa тыйын, алтын, адырашман чөбүн жана куурулган эттин кичинекей кесими салынат. Аялдар кезектешип бир чыныдан экинчисине кашыктап суусун куюп, балага жакшы тилектерин айтышат.
Кийин суу чыпкадан өткөзүлүп, ымыркайды киринтүүчү суугa кошулат (**Гульнара Кочкунбаева, Каракол шаары, Ысык-Көл облусу).**

Мисалы, «Кара кыргыз» китебинин 20-бетинде, баланын кыркын чыгаруу ырымын мындай сүрөттөйт («Кара кыргыз», 5-китеп, Орозбек Айтымбет: Көкө Теңир, Б.: Бийиктик, 2007):
Ымыркайга кырк күн толгондо «ит көйнөгүн» (төрөлгөндө кийгизген көйнөгү) чечип, кырк чүпүрөктөн курак кылып тигилген «кырк көйнөк кийгизүү тойу» өтүп, кырк көөкөр нан бышырылып, сыртта ойноп жүргөн кырк балага таратылат. Ошол кырк токочтун артында да кырк уруулуу кыргыздын түп аталарына табынуу салты жаткан. Балага «ит көйнөгү» чечилип, «кырк көйнөк» кийгизген ошол кечте, анын бешигинин тегерегинде кырк шам жагылган. Мындагы ар бир шам кыргыздын ар бир уруусун туйунтуп, ошол уруунун бар касиет-кудурети береги баланы колдоп турат деп кабыл алынган. Мында да ошол жердеги эң кеменгер карыя Көкө Теңирден балага узун өмүр тилеп табынган. Ошо баланын кыркын чыгарганда журттун эң кадырлуу байбичеси балага тоонун көк кашка суусунан ооз тийгизип, мындай деп бата берген:
Кырк атаңдын жөрөлгөсү,
Ата-энеңдин өбөлгөсү,
Кырк уруу кыргыз ичкен суу,
Кырк атабыз кечкен суу,
Кырк ашууну ашкан суу,
Кырк томолонуп келген суу,
Кыр таштарды кырккан суу,
Кызыр атам таткан суу,
Суудай таза бол!
Нурдай сулуу бол!!!

**Башынан суу тегеретүү**

Көп учурларда алыскы сапардан же болбосо оорукана же башка кооптуу жерлерден келе жаткан адамдарды, үйгө кире электе босогодон тосуп, башынан бир чыны сууну үч

жолу тегеретип ырымдашат. Чыныдагы сууну эл баспаган жерге же бактын түбүнө төгүшүп, идишин эшиктин алдына көмкөрүп коюшат. Бул ырымдын мааниси ошол ырымдалып жаткан адамдын өмүрү узун болсун, жашоосу таза болсун, жүргөн сапарында илешкен жаман сөз, жаман көз, оорулар болсо ошол суу менен кетсин, түнкү суу менен кетсин деп ырымдашкан.

**Дем салуу, учуктоо ырымы**

Катуу суук тийип же киринелеп калгандарды *учуктап* койсо жакшы болгон учурлар көп кездешет. Күүгүм кирип, күн батып баратканда кычкачты аябай кызарганча ысытып, оорулууну босогого отургузуп, кычкачты ооруган кишинин башын карай өйдө кармап туруп, суу ууртап ысыган кычкачка бүркөт. Ысып турган кычкачка суу тийгенде буу чыгып, ысыгы башка тийип-тийбей оорулууга суу чачырайт. Ошону үч жолу кайталап, анан сууну башынан тегеретип, күн батышты карай сууну серпип жиберет. Оорулууну болсо ошо бойдон төшөккө жаткырып, чүмкөп, башынан аягына чейин балта менен бастырып-бастырып ырымдап, аягына таштап коет. Эки-үч саат өткөндөн кийин оорулуу тердеп, тер менен баш оорусу, илешкендери, баары чыгып кетет.

Сууга дем салып, ошол дем салынган сууну ар кандай дарттардан арылуу максатында же болбосо ден соолукту сактап туруууга да ичишет. Көп табыптар сууга Курандан сүрөөлөрдү окуп дем салса, христиан динин кармангандар Инжилден дубаларды окуп сууга дем салышат. Сууга дем салганда жакшы сөз, жакшы тилек айтып дем салса да болот деп айтышат. Мисалы, күнүгө бир чөйчөк сууну Теңир Ата жана Жер Эне менен демдеп туруп, 9 жолу айтып таңда ачкарын ичүү алдындагы эл оозунда кеңири айтылып жүргөн дубалар бар (Садыр уулу Жумагазы, Ысык-Көл, Кызыл-Туу айылы):

Суунун пири – Сулайман-ата!
Өзүңдөй тазалык бере көр,
Денемдеги дарт-дубанын баарын тазалай көр,
күч-кубат бере көр!
Суунун пири – Сулайман,
Жан дүйнөнү аруулап,
Жан дүйнөнү дарылап,
Каптап келген жел ойдон,
Кара из баскан карадан,
Баш айланткан жиндерден,
Башаламан тилдерден,
Кагылайын Суу-Ата,
Керемети колдой көр!

Сууга дем салынып дагы башка бир нече ырымдар жасалынат. Мисалы, кээде көзүнө тирсек чыккандарга, сууга дем салып, көзүнө бүркүп, тирсектерин кетирүү ырымы бар. Кокус кичине баланы башкалар өтө берилип жакшы көрүп койсо, көзү тийбесин, көзү өтүп кетпесин деп баланын үстүнөн баштап аягына чейин суу менен сылап өтүшкөн же болбосо энеси көйнөгүнүн этегин суулап, баласынын бетин сүрткөн. Кичинекей балдардын жүрөгү түшкөн болсо, сууну жүрөк көтөрүү ырымында да колдонушат .

Жүрөк көтөрүү ыкмасын таенемден көргөм. Таенем эмчи аял эле. Эмчилик көбүнчө энеден кызга берилет деп укканым бар. Ал катуу корккон же чочуган кишилердин жүрөгүн көтөргөн. Таенемдин өзүнөн башка эки, үч эмчи аялдар менен бирге жүрөк көтөрүү ырымын жасачу. Эң биринчи, жүрөгү түшкөн кишини үйдүн астанасына алып келип, жаткырып, бутун асманга карай көтөрүп, үч жолу «түштүбү-түштү» деп ырым кылып көтөрөт. Андан кийин кичинекей чыныга суу алып келип, жүрөгү түшкөн кишинин башынан тегеретет жана ошол чыныдагы сууга үч жолу түкүртөт. Андан кийин ошол сууга ун кошуп камыр жуурат. Ал камырды оттун чогуна көөмп коет. Эгер тоголок камыр жарылбай, тоголок бойдон калса ыкма натыйжа берген болуп, жүрөгү жайына келген болуп эсептелет. Ал эми жарылса бул ырымдар кайра башынан жасалууга туура келет. Кээ бир учурда тоголок камырды жүрөгү түшкөн кишинин колтугуна тагып жүрүүсү айтылат. Жүрөк көтөрүү 3 же 7 жолу кайталанат. Кээде "эс кирип кетиптир" деп да айтылат. Бул деген жүрөгү түшкөнүнө көп болгондугун билдирет. Аларды көп жолу көтөрүш керек болот (**Абдыкаар кызы Бегимгүл, Кызыл-Кыя шары, Баткен облусу).**

Эртең менен эрте, таң атаарда эч ким сууга тие элек кезде алынган булактын суусу өзгөчө касиетке ээ. Баланын жүрөгү түшкөндө, эртең менен эрте булактан же кудуктан алынган сууну артыңды карабай алып келип, ошол сууну балага ичирип, колу-бутун жууп, калган сууну бактын түбүнө төгүп салыш керек. Ошентип, кудуктан кырк жолу суу алып келип, баланы кырк сууга жуунтса, айыгат. Мен өз балдарымды жана неберелеримди ошентип ырымдайм **(Валентина Рябова, Каракол шаары, Ысык-Көл облусу)**.

**Сууну аттатуу**

Кээде ооруган киши көпкө айыкпаса, ошол кишини атайын башка жакка, башка айылга суу аттатып, жер котортуп, башка жерге ырымдап алып кетишкен. Суу аттап кетсе оорунун баары ошол мурунку жерде калат дешкен. Киши оорусунан айыккан соң кайра элине келе берет.

**Артынан суу чачуу**

Жаман ойлуу адам келсе же туура эмес уруш менен кимдир бирөө келип кетсе артынан «айланайын, жамандыгын агын суу алып кет» - деп артынан суу чачып жиберишкен экен. Ушуга окшогон ырым орус элинин салтында да бар болуп, жаман көргөн адамы үйүнө экинчи келбесин деп, ырымдап артынан суу чачып коюу жөрөлгөсү бар экен. Дагы, орус элинин эски ишенимине ылайык бул дүйнө менен о дүйнөнүн чек арасы суу болгондуктан, өлүк чыккан үй сөөктү жашырып келгенден кийин босогосуна бир чака суу төгүп, үйлөрүн жууйт экен. Дунгандарда болсо, кызды кудалар алып кеткенден кийин артынан суу чачып, короо-жайды шыпырышат экен. Бул ырымдын мааниси «кызыбыз барган жеринен бактысын тапсын» дегенди билдирет экен **(Мария Иманбакаева, Каракол шаары, Ысык-Көл облусу).**

Ошол эле учурда, кээ бирлер үйүнөн жакын адамы алыс жолго чыгып кетсе, артынан суу чачышат экен. Суу өз башатына дайыма кайтып келет деген ишенимде, кетип бараткан адамдын артынан суу чачса, ал дагы суудай сөзсүз аман-эсен кайтып келет деп ушундай ырым жасалат.

**Нике кыюу (үйлөнүү тою)**

Үйлөнүү тоюнун негизги ырымы болуп нике кыюу эсептелинет. Нике кыйылардын алдында, сууну чыныга куюп, ага шекер кошуп, кээде түбүнө күмүш тыйын салып дайындап коюшат. Нике дубасы окулгандан кийин, ошол сууну эки жубай бөлүшүп ичет. Сууну бөлүшүп ичкенде турмуштун ысык-суугунда, өйдө-төмөнүндө бардыгын чогуу тартып, жашообуз да, өздөрүбүз да суудай таза бололу, өмүрлөрүбүз суудай узун болсун деген ниет кылышат. Сууну таттуу кылганы жубайлардын турмушу таттуу болсун, күмүштөй асыл жана таза болсун деген ниетте жасалат. Суу - ыйыктыктын, шириндиктин, түбөлүктүүлүктүн, тазалыктын белгиси болгон үчүн, жакшылыкты тилеген эл ушундай салтты колдонуп келет.

Нике кыйылгандан кийин да, суу менен келинди сынаган салттар кээ бир элдерде бар. Мисалы, татарларда жаш келинди кудуктан суу алып кел деп жиберишет. Сууну төкпөй-чачпай алып келсе, эптүү экен деп сый табат, көп суу төгүлүп калса эби жок экен деген сөзгө калат **(Амангулова Сезим, 24 жашта, Каракол шаары).** Казакстандын кээ бир айыл жергесинде жаш келинге булак башын көрсөтүү ырымы бар. Тууганлары шаан-шөкөт менен келинди булак же кудукка алып барышат, келин суу илгич менен эки чака суу кайненесинин үйүнө көтөрүп келиш керек. Чаканын түбүнө күмүш тыйын салынат жана үйдөгү коноктор ошол сууну сатып алууга тийиш (**Ахмедов Вали, Каракол шаары, Ысык-Көл облусу**).

Үйлөнүү күндүн алдында кыз курбулары менен мончого түшүү ырымы орус элинде бар. Кыздын курбулары жаштыктын аяктаганы жөнүндө ырларды ырдап, кызга көп балалуу болушту тилешет. Үйлөнүү күндүн өзүндө келиндин курбулары көөгө боенуп алып, келин менен сууга шаан-шөкөт менен барышат. Алып келген суусу менен күйөөсүнүн үйүнүн дарбазасына жана эшигине суу куюп, жуушат. Сууну куюп болгондон кийин, кайра сууга барып келгенде, күйөө бала аларды даам-татым менен тосуп алат. Жолдо көргөндөргө да тамашалап суу чачкандар болот. Анан алып келген суусуна келин тамак жасайт **(Ольга Фролова, Каракол шаары, Ысык-Көл облусу)**.

**Түлөө (жаан-чачын ырымы)**

Түлөө ырымы көп элдерде бар жана ар кандай аталышы мүмкүн. Негизи, кургакчылык убагында коңшу-колоңдор жыйналып, курмандыкка мал чалып, Жараткандан жаан сурап, түлөө ырымын өткөзүшөт. Түлөө негизинен суу жегинде же булактын башында өткөзүлөт, бирок үйдө деле өткөзүлүшү мүмкүн. Мисалы, Ысык-Көл облусунун Ырдык айылында жашаган дунгандар «Чур йур» жаан-чачын ырымын төмөнкүдөй сүрөттөшөт:

Дунгандар мээнеткечтиги менен таанымал болуп, жашылча-жемишти көп өстүрүшөт. Кээ бир жылдары айлап жаан жаабай коет жана талаадагы жемиштер куурай баштайт. Ошондо айылдын журту көчө-көчө болуп жыйналып, жаан-чачын болсун деп тиленип «Чур йур» ырымын жасашат. Алгач ырым жасоого орун тандашат. Ырым, эреже катары, тоо тарапта, булактын жанына жасалат. Белгиленген күндө көбүнчө эр адамдар балдарын ырым болчу жерге ээрчитип барышат, Куран окулуп анан курмандыкка кой же торпок чалынат. Курмандыкка чалынган малдын башын сууга ыргытышат, суу ээси Ажыдаарга имиш. Эт бышкыча эркектер сууга жакшы мамиле кылбаганына кечирим сурап, тобоо кылып куран окушат. Андан кийин, куран окуганды билгендин баары тегерете отуруп Курандын суу сүрөөсүн окушат. Тамак даяр болгондон кийин баары балдары менен бирге бата кылып, жаан жаасын деп дуба кылышат. Ырым болгон жерди

тазалап, баары үйүнө кайтышат. Кээде кетээрде 23 кичинекей таш жыйнап сууга ыргытышат. Бир-эки күндө чын эле жаан жаайт (**Цеахунов Абдрахман, Ырдык айылы, Ысык-Көл облусу**).

Кургакчылык кезинде славян элдери жаан-чачын тилеп, ырым жасоочу. Ал ырымда христиан динге чейинки менен христиандык ишенимдер тең камтылган. Жердеги суу менен асмандагы суу бири-бири менен байланышта деген түшүнүк менен, жаан жадырыш үчүн жердеги суунун булактарынын жанында ырым жасашкан. Мисалы, суусу бар же кургап калган кудукка же булакка чиркөөдөгү поптор менен барып, аны тазалап, Кудайга сыйынышкан. Кээде кургап калган дарыянын нугун соко менен казышкан. Дагы кудукка буудай, буурчак, нан, туз жана башка нерселерди ыргытышкан. Буудай же буурчакты төккөн себеби, жаандын тамчылары буудайдай чоң болуп мол болсун дегени **(Валентина Рябова, Каракол шаары, Ысык-Көл облусу)**.

**Чокундуруу (Крещение)**

Христиандарда киши (ымыркай) динди кабыл алганда атайын сууга чөмүлтүү, «чокундуруу» жөрөлгөсү жасалат, аны орусча «крещение» дейт. Сууга атайын күмүш чарчыны салып, дубалар окулат. Ошентип, чокундуруу башкача айтканда христиан динин кабыл алуу сууга байланыштуу ырым аркылуу бекитилет. Ошондой эле кышында өтчү Исанын чокунуу майрамында христиандар музду оюп алып, муздак сууга чөмүлүшөт, ошол кезде жылда күн суук болуп, үшүк жүрөт. Ошол кездеги суу таптаза болот жана алып койсо көп убакка чейин бузулбай сакталган жайы бар. Ошол сууну бирөө ооруп калса ичсе болот, же болбосо кырсыктап жаткан үйдү тазалаганга да колдонулат.

**Даарат алуу**

Ислам done же суу жок болгон жерлерде топурак менен жууну ырымы бар. Даарат алганда адам чыканагына жеткизе колун, оозу-мурдун, бетин, томугуна жеткизе бутун жууп, башына «масх» тартат (суу колу менен сылайт). Тулку бою менен жууну «гусул» деп аталат.

**Колго суу куюу**

Элибизде той-ашта эт тартылаардын алдында жана тамак желип бүткөндө, дастаркондо отургандардын колуна суу куюу салты бар. Отургандардын батасын алалы деп, сууну көбүнчө жаш балдар куят. Колун жууп жатып, отургандар суу куйган балага «суудай өмүр берсин», «өмүрлүү бол», «бактылуу бол», «тилегиңе жет», «кем болбо» жана башка ушундай сыяктуу баталарын берип турат. Тамактын алдындагы сууну жылымык кылып, тамактан кийинкини болсо майды кетиргенге ылайык кылып бир аз ысыгыраак кылып даярдашат. Колго сууну үзүп-үзүп куят. Отургандар конокторго биринчи ирет суу куйганда оң жактан баштап куят, тамактан кийин болсо солдон баштап оң жагынан аяктайт. Кыргызстандын кээ бир аймактарында аш-тойлордо меймандар келгенде колуна суу куюп үйгө тамакка киргизет.

**Жаман түштү сууга айтуу**

Кыргыздар жаман түш көрсө жорубастан ойгонор замат агып жаткан сууга айтып, анан бетин чайып, үйүнө келишкен. Ошондон «жаман түш көрсөң агын сууга айт» - деген сөз калган. Бирок кээ бир адамдардын айтуусу боюнча, жаман түштү айтпаш керек, себеби бул сууну булгаганга барабар болуп калат.

**Суу менен үй салууга жер табуу**

Кээ бир кишилер үй салына турчу жерге бир чыны сууну түнү бою коюшат. Суу жакшы турса, ал жер үй салууга ылайык, бузулуп кетсе ал жердин терс деми бар экен деп башка жерди карашат экен.

**Майрам суу жана сөөктү жуу ырымы**

Адам ушул дүйнө менен кош айтышканда, жерге коюлганга чейин сөөгү жуулат. Кээде сөөк жуулардын алдында майрам сууга алынат. Сөөк жууганга үч же төрт эрезеге жеткен киши кирет, көбүнчө сөөктүн жакындары, кыздары же уулдары киришет. Сөөк аял болсо атинча аялдын (диний илими бар аялдын), эркек болсо молдонун көзөмөлү астында жуулат. Алгач сөөктү даарат алдырып, тирүү киши гусул алган сыяктуу жуулуп алынат. Жуулуп бүткөн соң акка оролот. Сөөктү жуугандарга сөөк карыз болуп калбастыгы үчүн, ыраазычылык катары кийим-кечек, идиш-аяк же башка нерселер берилет. Элдин ишенимине ылайык, сөөгү жуулгандан кийин өлгөн кишинин кулагы укпай калат, сөөгү жуулбай калса бул дүйнөдө эмне болуп турганын кулагы менен уга берип, жаны кыйналат деп айтылат. Сөөгү жуулгандан кийин маркум ушул дүйнө менен биротоло кол үзүп, кош айтышкан. Ошол себептен маркумдун сөөгүн сууга алган кишилер чоң соопко ээ болгон.

Адам кайтыш болгондо сөөк сууга алынат. Алгач жакын туугандары тарабынан клизма сыяктуу ыкма менен сөөктүн ичин тазалап, аврат жагын тазалайт. Эгерде сөөктүн кулагынан же оозунан жана башка жагынан кан кетсе, суу менен жуулуп, пахта салып коет. Бул «майрам сууга алуу» деп аталат. Бардык эле сөөктү майрам сууга ала бербейт. Эгерде киши майрам сууга алгыла деп керээз кылган болсо, же кээ бир оргадарынан кан акса, өлөөрүнөн алдын ичи жүрбөй, ичинде чоң заара, кичи заара калса, эл келгенге чейин таза турсун деген максатта майрам сууга алынат. Мындан сырткары шейит кеткенде да алынат. Андан кийин «сөөк жуу» жөрөлгөсү өткөрүлөт.
**Мурзаканова Ибадат, Ынтымак айылы, Ош облусу.**

**Элдик ишенимдер, тыюулар жана жазылбаган эрежелер**

Сууга байланыштуу элдик ишенимдер, тыюулар жана жазылбаган эрежелер бар. Мындай ишенимдерди кээ бирөөлөр дегеле эске албаса, башкалар карманып, сууну колдонгондо карманып жүрүшөт. Мисалы, кыргыз элинде «суунун пири/атасы Сулайман», «суунун пири – Байэне», «жамгыр пири - Күлдүр Ата», «жаандын пири – Чагыл кан», «суунун ээси - Сук» деген сөздөр бар. Сууга байланыштуу төмөнгүдөй тыюуларды уктук:

Ооруп калбасын деп, ырым кылышып, эмчек эмизген жаш аял затын сууга жиберген эмес. Кечинде сууга жаш балдарды да жибербейт (**Тутаева Жаркын, Каракол шары, Ысык-Көл облусу**). Мен сууга кечинде барганда «суу периси суу берчи» - деп сурап суу алчумун. Таенем мага ушинтип суу алгыла деп үйрөтчү (**Жээнчороева Роза, Ичке-Жергез айылы, Ысык-Көл облусу).**

Менин чоң атам аккан сууга койдун ичи карынын чайкатчу эмес, азыркыга чейин чайкабайбыз. Бул, биринчиден, тазалык жагы, экинчиден, жуусаң ырыскын кетип калат деп койчу. Азыр ойлосом, агын сууну булгабашка айткан экен (**Медет Термичеков, Каракол шаары, Ысык-Көл облусу).**

Жума күндөрү кир жуубайт, ушул күнү арбактар келет, аларды сыйлаш керек дегенди уккам **(Шаршембиева Гүлай, Отуз-Уул айылы, Ысык-Көл облусу ).**

Кечкиси суунун бетин жабыш керек деп эскилер айтканды уккам, ошондуктан эч качан чакадагы суунун бетин күнү-түнү ачык койбойм. Биринчиден, суунун бетине чаң-чуң түшпөсүн деген ойдо айтылса керек. Экинчиден, жөргөмүштөн сактануу үчүн деп айтылат. Жөргөмүш түшкөн сууну ичүүгө болбойт, касиетсиз болот. Элдик ишеним боюнча жөргөмүш түшкөн сууну ичкен киши өз жанын кыят имиш. Ушу сыяктуу элдик тыюулар бекеринен айтылбаса керек **(Дехканова Маңмура, Халмион айылы, Баткен облусу)**.

Илгертен ата-бабаларыбыз жайлоодо же кыштоодо жүргөндө дайыма булактын көзүн тазалап келишкен. Сууну сактоо ирээтинде суу башка жакка качып кетпесин деп, кирдебесин деп тазалашкан. Малды да сугарганда этияттык менен кечүү жеринен кечир деп, суу таза болсун, кирдебесин дегендин камын көргөн (**Касымбеков Орузбай, Маман айылы, Ысык-Көл облусу).**

Энем дайыма сууга түкүрүүгө, заара кое берүүгө болбойт дечү. Сууга түкүргөн Кудайдын көзүнө түкүргөндөй болгон. Суунун жанында жаман сөз айтып же жаман иш кылууга болбойт, суу иренжип калышы мүмкүн. Сууну дайыма таза кармаш керектигине ишенгендиктен кош бойлуу аялдарды, сыркоолоп жаткандарды жана сөөктү жууган кишилерге кудукка сууга барууга тыйуу салынган, себеби суу бузулуп кетиши ыктымал деп ишенишкен. Сууга кечинде барууга же кир жууга болбойт, себеби ал кезде суу уктап жаткан болот. Муз жаңыдан жыла баштаганда сууга таш ыргытууга болбойт, себеби ошол кезде суу өзүн жаңы төрөгөн аялдай сезимтал болот, ошондуктан таш ыргытып тынчын алууга болбойт ***(*Валентина Рябова, 65 жашта, Каракол шаары, Ысык-Көл облусу*)***

Балдар, силер чоң ата, чоң энеңерден сууга байланыштуу ар кандай кеп-кеңештерди, кээде айрым бир тыюуларды угуп жүрөсүңөр. Анда төмөндө келтирилген кепке толуктоо киргизип, маани-маңызын чечмелегиле.

- Сууга таштандыларды таштабагыла, себеби убалы тутат деп айтышат.
- Итке же мышыкка суу чачпагыла, сөөл чыгат.
- Агып жаткан сууга шыпыргыны салып жууба. Себебиэмнеде?
- Суу эске сактап калат, сезгир эсептелет жана эске сактап калгандарын кайтарып берет дешет.
- Сууга жакшы дубаларды кылып, оорукчан адамдарга берсе тез айыгат.
- Суу турган үйдө жанжалдашып болбойт, суу жакшы сөздү да, жаман сөздү да сиңирип алат.
- Сууга жаман ниетте дуба кылып, ырым-жырымдарды кылбоо керек деген адамдын өзүн урат.
- Караңгыда сууга барба, суу сүзүп алба. Караңгыда суу алсаң, суунун бетинен үч жолу бетинен алып төгүп таштап, анан ич.

**Суроолор**

- Суу менен жасалган кандай ырымдарды билесиз? Сиз суу менен кандайдыр бир ырымды жасаганын көрдүңүз беле?
- Суу колдонууга тиешелүү кандай тыюуларды көп угасыз?
- Ушул бапта айтылбаган ырымдарды билесизби?

**Суунун дарылык касиеттери**

Кара-Тоонун боорунан,
Жарып чыккан аккан суу.
Күмүш канат, жез куйрук,
Балык чыккан аккан суу.
Кара жердин астынан,
Жылып чыккан аккан суу.
Кара таштан жаркырап,
Түшүп жаткан аккан суу.
Жан-жаныбар шимирип,
Ичип жаткан аккан суу.
Ак кыянын боорунан,
Канаат алган аккан суу.
Карып, мискин, бечара,
Даарат алган аккан суу.
Ылай, чопо, киринен,
Арылдырган аккан суу.
Ай тийгенде шооладай,
Жарык чыккан аккан суу.
Түбү жумшак, үстү бек,
Саздан чыккан аккан суу.
....
Түлкү куурай, чытыры,
Мыя кылат аккан суу.
Тоого чыккан кемпир чач,
Дагы кылган аккан суу.
Жанузактай бир чөбүн,
Дары кылган аккан суу.
….
Тоодон аккан жеринен,
Жаралганда тегинен,
Тунук болгон аккан суу.
Тазалыгы жагынан,
Карап турсаң баарынан,
Улук болгон аккан суу.
Кемеринин ичине,
Алтын канат, жез куйрук,
Балык толгон аккан суу.
Керектиги Ааламга,
Анык болгон аккан суу!..
Кимге болсо баары бир,
Мумуядай жаккан суу!..

*Аккан суу, Жеңижок*

**Суу менен дарылоо ыкмалары**

Адам баласына тээ илгертеден бери белгилүү болгон миңдин бири болгон дары – бул суу. Суунун дарылык касиетин бардык элдер байыртадан таанып, күнүмдүк турмушта колдонуп келишкен. Узак жашаган карыяларды мүрөк суусун ичкен адам деп да коюшат. Көчмөн элдердин көбү, ошондой эле Тибет, Кытай, Ынды элдеринин табыптары тамыр кармап, оору-сыркоолорду ысык-суук деп экиге айрып, ысык өткөндөрдү суу менен дарылаган усулдары азыркыга чейин элдик медицинада сакталып келген. Ушул бапта суунун дарылык касиеттерин жана эл оозуна алынып жүргөн дары суу-булактарга көңүлүңүздөрдү бурабыз.

**Чилде суу**

Мен сизге «**чилде суу**» жөнүндө айтып берейин. Чилде суу деп кыштын эң суук мезгилине туура келген 40 күн (25-декабрдан 5-февралга чейин) кыш чилдеси ичинде жааган кардан топтолгон сууну айтабыз. Бул сууну таза, аздектеп сактап, түрдүү оорунун дарысы катары пайдаланышкан. Азыркы учурда ар кандай идишке куюп сактаса болот. Мисалы, кыш чилдеси сыяктуу эле «**жай чилдеси**» же «**саратан**» мезгилинде адамга ысык өткөндө чилде суу менен жуунса болот. Ошондой эле ич өткөндө жана жөтөлгө табылгыс дары. Адамдын денесине түрдү бүдүр чыкканда аны кетирүү үчүн да чилде сууну пайдаланса болот. Чилде суунун эми (дарылыгы) кайтарма суудан (молдо дем салган суудан) да күчтүү деп айтышат (**Макситова Гүлсара, Ак-Булак айылы, Баткен облусу**).

**Ажыдаар тоого чыккандагы суу**

Күзүндө айыл тургундары бат түшүмүн жыйнап алганга аракет кылышат. Ыраматылык (тай)эжем «ажыдаар өзөн менен ылдый көлгө түшкүчө» түшүмдү жыйнап бүтүш керек дечү. Аны убагында түшүнбөй, жакында эле маанисин түйдүм. Ажыдаар суу менен ылдый көлгө түшөт дегени, суу жогорудан төмөнгө карай тоңуйт деген сөз экен. Дунгандар декабрь айынан баштап тогуздар чыкканын санап турушат. Аны «вули жюли» дейт. Ошол убакта дарыядагы суу жогору агыштан төмөнгө карай тоңуйт жана суунун түбүн суу биринчи арбайт. Муз калыңдаган сайын, анын үстүнөн суу ага берип, ташкын коркунучу чоң болот. Кээде суу жээгинен чыгып, чоң жерлерди муз басат. Январдын соңунда, бешинчи тогуз чыга баштаганда (дунганча «ву жю») «ажыдаар кайра тоого чыгат». Ушул убакта алынган суу бир жыл бою бузулбай тура берет. Ушул кезде суу акырындан ээрий баштайт, суу өзөндүн түбүнө бара-бара түшөт. Алыстан караганда чын эле ажыдаар өзөн нугу менен тоого сойлоп, музду эки жээгине сүрүп кеткендей. Ажыдаар тоого чыгып, ысыгы менен кар жана музду ээритип, жаз башталат (**Юсупов Равиль, Ырдык айылы, Ысык-Көл облусу**).

**Жаандын суусу**

Жаандын суусу өтө чоң касиетке ээ. Ар бир тамчы суу асмандан түшкүчө 19 литр көлөмдөгү абаны жууп түшөт. Ошондуктан, жаан жаңы жаап баштаганда суусу кир болот, аба тазаргандан кийин анан тазарат. Жаандын суусу жумшак болот, өсүмдүктөрдү сугарса

жакшы өсөт. Башты жууса чач дагы жылтырап, жумшарат **(Умсунай Кумушова, Каракол шаары, Ысык-Көл облусу)**.

**Дары суулар жана булактар**

Мен ушул Ысык-Көл облустук бириккен ооруканасынын Ак-Суу районунун бөлүм башчысымын. Бул жерде 1981-жылдан баштап балдар менен иштейм. Ак-Суу суусу чоң дарылык касиетке ээ, 58-60 градуста болгон ысык суу 250-300 метр тереңдиктен чыгат. Менделеевдин бүт химиялык таблицасы бар. Азыркы учурда ДЦП жана башка нерв ооруларына чалдыккан балдарды суу менен дарылайбыз. Бир келгенде 10 күнгө келип күнүгө атайын даярдалган ванналарга 10-15 мүнөттөн түшүп эмделишет. Ооругандар убагында дарыланса, жеңил түрү сакайып, оор түрү кыйла жакшы болуп калат. Биздикине окшош дары суулар көл тегерегинде Жети-Өгүздө, Тамгада, Боз-Учукта, Оргочордо жана башка жерлерде бар, бирок эң күчтүүсү ушул Ак-Сууда **(Бейшенбаев Байыш, Ак-Суу айылы, Ысык-Көл облусу)**.

Мен кичине он беш жашымда ооруп, тамырчылар тамырымды кармап, суу менен дарылашкан. Буту-колум ооруп, ошондо Ак-Суу капчыгайынын өйдө жагындагы Алтын-Арашанга алып барып, айыктырышкан. Ошол жерден суу оргуштап агып турат. Ысык суу ортосунда “киндик таш” бар эле. Ошол “киндик ташты” айланып, ичинде жалтыраган бермет топчулар, күмүш тыйындар жатар эле. Ташты үч айланып, анан акырындык менен ысыгына көндүрүп, бутумду сууга күнү-түнү малып отургам. Бир ай ошентип сууда отуруп тырышкан бутум айыгып, басып кеткем **(Карымшакова Шаршекан, Кереге-Таш айылы, Ысык-Көл облусу)**.

Ак-Суунун сыртында Бакалуу-Көл деген ыйык суу бар. Сыртка кетип баратканда, ага дайыма зыярат кылып өтүшөт. Казакстан менен чек ара тарапта Шордуу-Суу бар. Анын бир фляга суусун кайнатса, эки чака туз чыгат. Денеге чыккан жараларды кадимкидей айыктырат **(КазаковаЧолпон, Кереге-Таш айылы, Ысык-Көл облусу).**

Чоң-Өрүктү айылында ысык булактар бар. Ал жер Кудайымдын ырыскысы, ыйык жер. Этине жара чыккандар, дүүлүкмөсү (аллергиясы) бар элдер, келип түшүп дарыланып кетет. Жыл сайын ошол жерге барып куран окуп келебиз. Ошол жерге барганда булактын сууларын ичкенде эч нерсең оорубай, булактан булакка жеңил барып, тоолордон тоого жеңил жетип, чуркап басканда дагы такыр чарчабайсың, бутуң дагы оорубайт, жердин касиети ушундай күчтү (**Шергазиева Ажар, Иссык-Кульская область, село Чоң-Орукту**).

Тоң районунун Төрт-Күл айылына жакын жерде, эки жагы тоолуу капчыгайда **Кулгуна булагы** жерден чыгып турат. Мөлтүрөгөн суусунун тунуктугун, таптазалыгын сураба. Булактын суусун алып келип, ошол биздин эле айылдыктар жара, дүүлүкмө (экземага, аллергия) болгондорго сүйкөшөт. Сүйкөгөндөн кийин айыгып кеттим деп айтышат. Жаздын күнү ошол жактан мал айдаган баласы да, атасы да, аялзаты да чаңкап баратканда суусун ичишет (**Кадыралиева Гульбара, Төрт-Күл айылы, Ысык-Көл облусу**).

Кичи-Жаргылчак айылында төрт чоң булак бар. Ушул төрт булактын даамы төрт башка: бирөөнү ичсең кайра ичкиң келет, экинчисин ичсем, суусунумду кандырат, үчүнчүсүн ичсем - жеңилдетет, төртүнчүсүн ичсем - тазартат. Бул болсо да суунун касиети экен (**Осмоналиева Валентина, Каракол шары, Ысык-Көл облусу**).

Абшыр-Ата жайлоосунун алыскы Кыргыя деген жайытында эл оозуна алынган **Дары-Булак** деген булак бар. Ал жерге ат менен да бара албайсың, жөө барганга туура

келет, себеби булак зоонун астында. Бул булак түрдүү дартка даба, айрыкча, денеге чыккан ар түрдүү жараларды айыктырат деп айтылат. Биз көбүнчө жайлоого чыкканда бул булактан суу ичебиз (**Мурзабек кызы Канайым, Кулатов айылы, Ош облусу**).

Кадамжай районунун Көтөрмө айылына караштуу жерде, сай ичинде **Келте-Сөөт** булагы агат. Бул булакты негизинен зоб жана ашказан-ичеги ооруларына дары экен. Бул булактын суусун атайын текшеришип, дарылык касиеттери бар экендиги аныкталган. Учурда бул булактын суусун ар жактан келген элдер дарылыкка алып кетишет. Булактын суусун эртең менен жана кечинде бир чыныдан ичип туруш керек экен (**Авазов Кожомат, Кызыл-Булак айылы, Ош облусу**).

Баткенде Дара аймагындагы Кожошкен дарыясынын боюнда **Жоопая жылуу суусу** жайгашкан. Ал тик капчыгайдагы албууттанган дайра. 40 градус жылуулуктагы дары суу дайра четиндеги жар таштан чыгып турат. Эки киши батчу ташта оюк бар. Дарыя кирген учурда таштагы оюк суу астында калып, жылуу суу дагы бир аз жогорураактагы жар түбүнөн агып калат. Суунун курамында күкүрттүү суутек бар. Андан муун, бут, ички органдар, тери ж.б. оорулар менен жабыркагандар дарыланышат **(Гаипова Назарат, Баткен шаары, Баткен облусу).**

Биздин Кыргыз кыштак айыл аймагында Умай эне санаториясы курулган. Бул жерде Кудай Назар Бува мазары, ыйык жерибиз бар. Аты айтып тургандай, биздин жер - Кудай назар салган жер. Бул жердин булагынан чыккан суу көптөгөн ооруларга дары катары колдонулат. Умай эне санаториясына жылына ар кайсы жактан жүздөгөн кишилер келип, дарыланып кетишет. Мында суудан ичип, сууга түшүшөт (**Жумаев Азим, Кыргыз кыштак айылы, Баткен облусу**).

Кадамжай районунун Өрүкзар айылынын жанында, сай ичинде Сасык-Суу деген суусу бар. Сасык-Суунун курамында күкүрт-суутеги бар болгон үчүн сууга жакындаганда эле сасык жыты сезилет. Сууну адамдын денесине чыккан жараларды, тери ооруларын жана жүзүмзарларды (жүзүм бактарды) дарылоодо колдонушат (**Бердиев Асан, Кызыл-Кыя шаары, Баткен облусу**).

Баткен районунун эң алыскы, тоолуу өрөөнү саналган Зардалы аймагындагы асканын астынан Шудуман ысык суусу оргуп чыгат. Суу өтө эле ысык болгондуктан, түшүү кыйын. Суунун курамында күкүрттүү суутек бар экендиги анын жытынан эле сезилет. Бул сууну ичип жана сууга түшүп, ашказан, ичеги-карын, бел, бут, муун, тери ооруларынан жабыркагандар шыпа табышат. Мындан сырткары, ушул жердеги таштардын арасынан ысык буу чыгып турат. Алардын айланасына таш тизип, үстүн жаап, мончо буусун атайын пайдаланууга аракеттер жасалган. Буларга кирген адамдар табигый шартта жаратылыштын ысык буусунан кабылдап, тердеп, муун, сөөк, тери, ашыкча салмак жана башка оорулардан дарыланып сакаят. Ошондой эле, бул жерде Кызыл-Булак жана Котур-Булак дары суулары бар. Кызыл-Булактагы суунун курамында темир заттары көп болгондуктан, ал аккан нук кызгылт түс алып калган. Ал - ашказан, Котур-Булак болсо тери ооруларына даба (**Айдарова Муслимкан, Баткен шаары, Баткен облусу**).

Гөзөл-Ата булагы Кадамжай районунун Шады деген айылдын түштүк тарабында, он чакырым аралыкта тоо арасында жайгашкан. Көзү ооруган адамдар барып, шыпа табышат. Жергиликтүү калктын айтымында, «гөзөл» деген сөз «сулуу» деген маанини берет. Ошону менен бирге «гөзөл» деген сөз «көз ал» деген сөздөн чыгып, «көздөн ооруну ал» деген маани бериши мүмкүн. Дагы бир вариантында көзү көрбөгөндөр булак суусунун дарылык касиетин, сулуулукту көрүп кетсин деген маанини да түшүндүрүшү мүмкүн (**Камбар кызы Наркан, Халмион айылы, Баткен облусу**).

**Түтөк суусу** Кадамжай районунун Ак-Тилек айылынын үстүндө жайгашкан. Түтөк суусунун даамы ажылык сапардан алып келген «Зам-Зам» суусунун даамына окшош экен. Ошондуктан бул сууну «Зам-Зам» суусу да деп аташып коюшат. Түтөк суусунун дарылык касиети бар дешет. Айрыкча неврологиялык ооруларга кабылгандар бул сууну ичип жүрсө айыгат дешет (**Асанова Каныкей, Кызыл-Кыя шаары, Баткен облусу**).

Шоро сай суусунан ичкендердин, ошол жерде жашагандардын өмүрү узун болот, себеби ошол Шоро сай суусунун адамга оң таасир эте турган кандайдыр бир пайдалуу жагы же дарылык касиеттери бар. Биздин айылыбыздан чыгып аткан Лайлы суусунун да дарылык касиети болсо керек деп ойлойм, себеби мурунку Лайлынын элдери да көпкө жашашкан (**Толукбаева Жумагул, Лайлы айылы, Баткен облусу**).

Караташ жакта Ак-Тайлак деген мазардын үстүнөн чыккан Такыр-Булак чоң таштардын арасынан агып турат. Булактын суусу көп ооруларга дары экен, ал жерде атайын суу ичүүгө мүмкүнчүлүктөрдү кылып койушкан (**Пирманова Алтынай, Эски-Оочу айылы, Баткен облусу**).

Андархам айылында **Жака-Тыт** деген жерде булак агат, суусу жөтөлгө даба. Дархумд деген жерде **Кырк-Казан** деген булак бар, суусу денеге чыккан ар кандай жараларды айыктырат **(Хасанова Хамробу, Кайрагач айылы, Баткен облусу)**.

Биздин айылда Бурабай сайдан чыккан булак бар, ал денеге чыккан ар кандай кычыткы, котур ооруларына дары катары колдонулуп келет **(Пирманова Алтынай, Эски-Оочу айылы, Баткен облусу)**.

Алтын-Бешик деген жерде бир булак бар. Бул булак ошол тоолордогу темир кенинен сызып чыккандыгынан түсү сары, ичсең кадимки темирдин даамын берет. Суунун дарылык касиети да бар, суу кан басымын калыпка келтирет экен. Булактын тегерегиндеги ылайы жараларга дары экен (**Усманов Талант, Эски-Оочу айылы, Баткен облусу**).

Катран айылы тарабында Азрати-Довут деген жайдан чыккан дары булактар бар. Алар тери ооруларына шыпа болот, себеби анын курамында күкүрт бар **(Холматов Райимжан, Эски-Оочу айылы, Баткен облусу)**.

Лейлек районунун Андарак айылында **Кулкунек** деген, кулак ооруларга дарылык касиетке эгедер булак бар. Кулкунек суусу Андарак айылынын баш жагынан жайлоолорго кетүүчү жолдун боюндагы аска таштардын астынан сызылып агып, жайлоо суусуна кошулуп кетет. Кулкунек суусу дайыма абдан муздак жана тунук. Өткөн-кеткендер, ал жакка жайлоого чыккандар булактын боюнда куран окушуп, дуба кылышып, тыйын-тыпыр ташташат. Жакшы ниет менен ден соолук тилешет, булактын суусуна бети-колдорун жууп, идиштерге дагы ала кетишет. Суу - кулагы ооругандарга бөтөнчө даба (**Хидирова Чолпонай, Сүлүктү шары, Баткен облусу**).

Менин билгеним Козу-Баглан дарыябыздан кыштын чилдесинде алынган суу адамдын ден соолугу үчүн өтө пайдалуу. Негизи эле, Козу-Баглан дарыянын суусу алыстан агып келгиче таштан ташка урулуп бышып калат, ошондуктан даамы да өзгөчө, дарылык касиети да бар (**Ахмедов Абдумажит, Эски-Оочу айылы, Баткен облусу**).

**Суроолор**

- Сиздин аймакта дарылык касиети бар суулар барбы?
- Эмне себептен кээ бир суулар дары суу болуп калат?

## Суу чыгаруу ыкмалары жана сууну сарамжалдуу колдонуу

А, жаныбар, аккан суу,
Жок дегенде бир күнгө,
Келбей койсоң таарынып,
Кесирленип жүргөндөр,
Чуркайт эле ак уруп!
Барктабастан жүргөндөр,
Айчылык жерде болсоң да,
Бир ууртап сени алганга,
Жетет эле жалынып.
Колунда болгон дүйнөсүн,
Берет эле жабылып!..
Бирок сен андай эмессиң,
Чалкып жаткан кененсиң.
Керектеген жандуунун,
Кызматына беленсиң.
Байыртадан бер жакка,
Керектелип келгенсиң,
Бали, ыракмат, аккан суу!
Толкуп, ташып ага бер.
Тегеренип Жер жүзүн,
Турмуш отун жага бер!..
Мөңгү болуп ашууда,
Үнөмдөлгөн аккан суу.
Жети күн, бир түн айтсам да,
Түгөнбөгөн аккан суу.
Аккан, аккан, аккан суу,
Аманат жанга жаккан суу!..
Жаамы күнөө кылганды,
Билип жаткан аккан суу.

*Жеңижок, Аккан Суу*

Өлкөбүз сууга өтө бай болгону менен, кээ бир аймактарда суунун жетишпестиги сезилет. Жергиликтүү калк эбин таап, суу сактоонун жана сарамжалдуу колдонуу жолдорун өздөштүрүп алышкан. Алардын ичине кудук казуу, абыз куруу жана бакчаларын тамчылатып сугаруу кирет. Ушул ыкмалар тууралуу ушул бапта кененирээк сөз кылабыз.

**Кудук казуу сырлары**

Суунун аз болушу чоң көйгөй болгон жерлерде, эл көбүнчө кудук казып, жердин астынан суу алат. Суу ар кайсы жерде ар кандай тереңдиктен чыгат. Мисалга алсак, Төө-Моюн айылында кудук негизинен 22-23 метрден чыгат. Бирок негизги ичүүчү суусу 26 метрден чыгат, аны казуучулар метрин 1200 сомдон казышат. Суу көрүнгөн жерден баштап дагы кошумча 2-4 метр казылат, кошумча казуунун себеби жылдын март, апрель айларында жер үстүндө да суунун көөлөмү азайган сайын жер астында суу сызып агып, азайып калат. Кошумча казылган жерге суу топтолуп, түтүк аркылуу кыймылдаткыч сууну тартып бере алат. Кудуктун тереңдигине карап аны кайсыл жерден казуу керек экенин билиш керек. Ал үчүн биз эки алюминий зымды колубузга алып, зымдын бир учун жерге тийгизип басабыз. Суу чыгуучу жерге келгенде зым бири-бирине оролуп же жакындашып калат, ошол жерден кудук казууга болот. Кудуктун айланасына жаш балдар түшүп кетпеш үчүн цемент менен курчалат жана үстү жабылат. Суу канчалык тереңден чыкса, суусу ошончолук таза болот. Орто эсеп менен Төө-Моюн жергесинде кудук казууга 40 миң сом кетет (**Абдикаримов Давранбек, Ленин айылы, Ош облусу**).

Илгери кудуктун суусун ыйык тутуп, өзгөчө дарылык касиетке ээ деп ишенчү. Менин чоң атам Кубандан келген, кудуктарга ат коюп, аларды атынан айтып, аларга ырларды арнаган деп айтчу. Кудуктун суусу жерлердин катмарларынан өтүп, тазаланып калат. Бирок азыр ар бир кудуктан чыккан суунун баары пайдалуу десе болбойт. Жер астындагы суу булгангандын себебинен, кээ бир кудуктан чыккан суу ден соолукка зыян болушу мүмкүн **(ПетрТарасов, Каракол шаары, Баткен облусу)**.

**Кудук казуудагы каражаттар**

Кудукту метин, чөмүч, күрөк, лом менен казууну башташат. Коопсуздук үчүн башына каска, үстүнө ыңгайлаштырылган атайын кийимдерди кийишет. Жер алгач бир метр узундукта айлана формасында казылат. Ар бир жарым метрде атайын бут коюу үчүн айлананын эки чекесине ойгуч менен тепкич казып коюлат, себеби кудукка түшүп чыкканга ыңгайлуу болот. Кудуктун ордунан чыккан топуракты чыгарып салуу үчүн челек, жип керектелет. Челекке топуракты салып, жогоруда турган адам жип менен челекти тартып алат. Кудукту жер жумшак болсо, 2-3 киши бир жумада казып бүтөт.

Кудук күздө, кышта, эрте жазда казылат, бирок дайым эле суу бирдей чыга бербейт. Кудуктун көзү ачылбай калышы мүмкүн. Бул үчүн дагы 1 же 2 метр казыш керек болуп калат. Мындай учур көбүнчө эрте жазда көп болот.

Кудуктун суусу дарыянын суусундай болбойт. Жер астынан чыгып жаткандыктан суусу туздуу келип, даамы башкача болот. Кышында жылуу, жазында муздак суу чыгат. Адамдар сууну кудуктан моторлор аркылуу тартып, эгиндерге куюшат. Сууну колго тартуу кыйын. Бирок колго тарткан адамдар да бар. Кудук сууга алыс жайгашкан жерлерде казылат. Алар кудуктан чыккан сууну ичишет, эгиндерин, бак-дарактарын сугарышат. Бирок суу электр тогу менен тартылгандыктан көпкө тартып чыгаруу да кыйын. Себеби электр тогунун акчасы да кымбатка түшөт **(Максиров Замирбек, Кыргыз-Кыштак айылы, Баткен облусу).**

**Абыз, авиз, ховуз**

Авиз бул фарс тилинен кирген “ховуз” деген сөздүн кыргызча аталышы. Башкача айтканда, абыз - бул жасалма көлмө. Авиздердин чуңкурлугу (тереңдиги) 1-1,5 метр, эни 5-8 метрди түзөт. Авизди казгандан кийин суу киргизип, балдарга сууну кечтирет.

Кечтирүүнүн максаты – балчыктатуу. Асты балчык болгондон кийин гана авизда суу турат, болбосо суу сиңип, жок болуп кете берет. Көпчүлүк учурда авизга буудай чачып да коюшат. Бул да сууну сакташ үчүн жасалган элдик ыкма. Авиздин айланасына көбүнчө тал эгип коюшат. Талдын тамырлары да сууну кармаганга кандайдыр жардам берип, көлөкөсү сууну буулануу аркылуу жоголуусун азайтат. Авизга толтурулган суу ылай болсо да, күн өтүп, тунуп калат. Күн салкын болсо 10 күнгө чейин суу айныбай сакталат. Ал эми күн ысык болгондо жума сайын сууну алмаштырып туруу талап кылынат. Көк-Талаа айылынын эли илгеритеден бери Исфайрам дарыясынан аккан каналдан ичип келген. Бирок айылдын үстүнөн Өзбекстан чек ара зымдарын тарткандан кийин биздин элге Кыргызстан каналынан суу берилбей калды, ошондуктан суу маселеси өтө курч турат. Айылда тээ илгертеден бери үч эски авиз бар. Бири менин кайнатам Куйчиев Сулайман казган авиз. Келин болуп барган мезгилдеримде авиздин керектүү экендигине ынандым. Бүгүнкү күндө айылда авиздардын саны жети-сегизге жетти. Себеби арыкта суу куруп калса, авизга челекти сала калып, каалашымча сууну кеңири иштетсем болот, экинчиден, суунун жакындыгы мага жакшы шарттардын бири эле. Үчүнчүдөн, суунун тунуктугу жакчу. Арыкта суу ылай болсо, авиздин суусу тунук болчу. Бирок көп убакыт суу кирбей калса суу бузулуп, курттап кетиши да мүмкүн (**Мадумарова Малохат, Көк-Талаа айылы, Баткен облусу**).

Кыргыз-Кыштак айылында 6000 киши жашайт. Суу аз болгондуктан сууну көп талап кылбаган эгиндерди эгебиз. Анкени суу дайым эле келе бербейт. Айылдын үстүндө Өзбекстанга өткөн канал бар. Ал каналга Сох дарыясынан суу келет. Ошол каналдан биздин айылга да суу бөлүнөт. Суу жаз, жай мезгилинде үч же төрт күн агат. Бир апта же эки апта акпай кала берет. Ошон үчүн биздин айылда ар бир үйдө адамдар кудук чыгарып алышкан. Ошондой эле ар бир маалада авиздар курулган. Ага суу толтуруп алышат. Бизде көбүнчө авиз төрт бурчтук кылып казылган. Узундугу 7-8 метр болсо, терендиги 4-5 метр, айланасына тал эгилет. Сууну алмаштыруу жана толтуруу үчүн ар бир авизга 1-2 күн суу тынбай агып туруш керек. Авиздин бир жагынан суу кирсе, экинчи жагынан суу чыгып туруш керек, ошондо авиздар таза сакталат. Авиздин суусу 2-3 жумага турат **(Султанов Жамбыл, Кыргыз-Кыштак айылы, Баткен облусу).**

**Үстү жабык авиз**

Кыргызстан менен чектеш Жабагы айылында суу көйгөйү 5-6 жылдан бери орчундуу маселелердин бири болуп келет. Мен үстү жабык, салттык жөнөкөй ыкмадан бир айырмаланган авиз жасаткам. Ал менин үй-бүлөмдү суу менен кеңири камсыз кылат. Жер 2 метр терендикте узундугу 4 метр, төрт бурчтуу кылынып казылат. Бир тонна цемент, 1 машина шагыл, 100 метр арматура керектелет. Чуңкур казылгандан кийин түбүнө арматура же темир тор жаткызылып, цемент куюлат. Калган төрт жагы да цементтелет. Башка авиздерден айырмачылыгы авиздин үстү жагына дагы монолит куюлат, бирок үстү жактан адам баткандай кылып ичин тазалаш үчүн ачык жер таштала́т. Суу кире турган жана суу чыга туган көзөнөкчөлөр коюлат. Суу учуру менен алмаштырылып турат. Авизге 15 тонна суу батат. Үч күндө тунат. Туптунук болуп, булактын суусундай тап-таза болуп калат. Авиздин ичи терен, үстү жабык болгондуктан суу муздак сакталат, жайында бууга айланып, азайып да калбайт, кышында тоңбойт. Даамы ширин болот. Айылдагы авиздердеги суу 5-6 күндө бузула баштаса, бул авиздин суусу 3-4 ай турса да айныбайт, бузулбайт (**Усманов Назир, Жабагы айылы, Баткен облусу).**

**Кумурадагы сууга бака салып койсо таза сакталат**

Эзелтен элде сууну таза сактоонун өзгөчө элдик усулдары колдонулуп келген. Менин билишимче, үй шартында сууну чоподон жасалган кумган, кумура, көзө, карапаларга суу куюп, ага кошумча идишке бака салып коюшкан. Мындай ыкма менен сакталган суу жайдын ысык күндөрүндө суунун муздак жана таза болушун камсыз кылган (**Куйчиев Асат, Кызыл-Кыя шаары, Баткен облусу**).

**Ириген сүт (же айран) менен сууну тазалоо**

Талаага жумушка чыкканда, арыктын суусу ылай болуп, иче албайсың. Биз ата-энем менен талаага ириген сүт же айран ала барчубуз. Биз айранды ичпей эле, ылай сууну тазалаганга колдончубуз. Агып бараткан ылай сууну алып, ага айран кошуп жиберип, кичине убакытка тундуруп койчубуз. Ылай айранга жабышып түбүнө бат эле түшүп калчу, үстүндөгү таза сууну ичип суусунубузду кандырчубуз. (**Мафкуева Фатима, Ырдык айылы, Ысык-Көл облусу**).

**Тамчылатып сугаруу**

Суу аз болгон жерлерде тамчылатып сугаруу усулун колдоно башташты. Бул үчүн түтүк тартылып, ар бир өсүмдүктүн жанындагы түтүктү тешип коюшат. Анан ага сууну ачканда ал тешиктерден тамчылап, суу өсүмдүктүн тамырына барат. 10 сотка жерге 100 метр түтүк кетет. Тамчылатып сугаруу өсүмдүктүн өсүшүнө, түшүм беришине шарт түзүп, мындан сырткары ашыкча чөптөр өсүп чыкпайт. Жер каткалак болбойт. Түтүктөр жок болсо, желим бөтөлкөлөрдүн жардамы менен өсүмдүктөрдү тамчылатып суугарса болот. Ал үчүн бир, эки литрдик желим бөтөлкөлөргө суу куюп, астын тешип, кээде көчөткө байлап коёбуз. Ал эми чоң үч, беш литрдик асты тешилген желим бөтөлкөлөргө суу куюп, аны көчөттүн астына коюп коёбуз. Андагы суу тамчылап, ысык күндөрдө көчөттүн суусуздуктан кургап калышын алдын алат (**Эгембердиев Кеңешбек, Көк-Талаа айылы, Баткен облусу).**

**Тоңдурма же яхоб суу**

**Тоңдурма** же **яхоб суу** деген бул кыштын чилдесинде көчөттөрдү, мөмө-дарактарды сугаруу усулу. Кээде кыш мезгилинде күн жылып кетсе же эрте жазда күн тез жылый баштаса көчөттөр эрте бүчүрлөй баштап, жаздагы үшүккө алдырып жиберүү коркунучу болот. Яхоб суу жерди узагыраак мөөнөткө тоң бойдон кармап, үшүк кообу өтүп кеткен маалда дарактар гүлдөгөнүнө себеп болот. Ошону менен бирге көчөт астындагы курт-кумурскаларды, алардын жумурткаларын да өлтүрөт жана эрте жазда топурак борпоң болушуна жардам берет (**Мадумарова Букатыча, Көк-Талаа айылы, Баткен облусу**).

**Суу алманы көбүрөөк сактоого шарт түзөт**

Эгерде алма бак өстүрсөңүз, түшүмдү жазга чейин көп убакытка чейин сактоо ниетиңиз болсо, анда төмөнкү өз тажрыйбамды сунуш кылам. Мисалы, мен биринчиден, алма сактоочу атайын үй сыяктуу имарат кургам. Ал жер салкын, караңгы болот. Атайын текчелерди кургам. Алма ошол текчелерге тизилет. Үйдүн ичинен арык өткөрүп, суу бир жактан кирсе, бир жактан чыгып, агып турат. Алма күзүндө терилет. Аны текчелерге тизебиз. Күзүндө күн салкын болот, кышында суук болгондуктан арыктагы сууну алма сактоочу жерге жазында коём. Себеби күн ысып, алманын суусу тартылып, бырыша баштайт. Арыктагы суу бөлмөнүн нымдуулугун сактайт, абаны салкындатат. Мындайча айтканда, муздаткычтын ролун аткарат. Мындан сырткары бөлмөдө абанын алмашышы жакшы болушу керек. Мен атайын бөлмөгө аба соргуч койдургам. Улам аба алмашып

турса, аба дымдалып калбайт. Суу дайым бууланып, алманын бырыш болуп кетишине жол бербейт. Алма жакшы сакталат (**Камалов Абдыкадыр, Т.Кулатов айылы, Баткен облусу).**

**Жибектин сапаттуу оролушуна суунун таасири**

Жибек куртун 30 жылдан ашык багып келебиз. Бул өзүнчө эле ары назик, ары түйшүктүү иш. Куртту багыш үчүн атайын бөлмөлөргө жерден жарым, бир метр көтөрүп сөкү (жыгач такталардан) курулат. Печке курулуп, от жагылат. Температура ысык болуш керек. Сөкүчөктүн бетине атайын кагаздарды салып, тыттын жалбырагы курттарга ташталат. Жибек курту майда 0,5 см.ден тартып, 7-10 см. ге чейин болуп чоңоёт. Ал чоңойгуча үч жолу уктап турат. Эки жолу даага кирет. Ал кичи даа, чоң даага кирди деп айтылат. Эгерде тыт суу боюнда өскөн болсо, жибек курту жалбыракка тез тоёт жана салмактуу оройт. Алгачкы уйкусуна чейин баригди этекке терип, бычак менен майда кылып, кыркып беребиз. Экинчи уйкудан тургандан кийин чоң-чоң кылып туурап же жалбыракты ноодадан ажыратып, курттардын үстүнө чачып чыгабыз. Ал эми кичи даада, үчүнчү уйкудан соң тыттын ноодаларын балта менен кесип келип, ноодалардын баш жактарын узунураак бойдон жааады менен топ-тобу менен кесип эле, сала беребиз. Жибек курту тойгондо чоңоюп, жалтырап, тунуп калат. Ашыкча тоюп кетсе тоголонуп, сөкүдөн жерге түшүп, өлүп калат. Ошондуктан ашыкча тойдуруу чыгаша болот. Алар жибек оробой калат. Ал эми тойбосо да жибек оробойт. Андыктан аны туура көзөмөлгө алуу керек.

Чоң даадан кийин жибек курту тойгондо оозунан жибек чачып калат. Мына ошондон баштап көмүлө баштайт. Курттун бетине алгач ноодалуу тыт жалбырактарын коюп, үстүнөн сары гүл, коён томук, гозо пая (пахтанын ноодалары), тыттын ноодаларын ж.б. кабат-кабат ташталат. 15 күндө ороп бүтөт. Бул этап курт бастыруу, көмүү деп аталат. Ушул мезгилден тартып, сөкүчөнүн астына суу тынбай чачылат же кездемени суулап астына салып, алмаштырылып турулат. Бөлмөнүн нымдуулугу жакшы болсо, пула (жибек) оор, жакшы болот. Салмак жакшы басат (**Мадумарова Мутабар, Жабагы айылы, Баткен облусу).**

**Шалы - суу өсүмдүгү**

Баткен облусунун Кадамжай районунун Ак-Турпак, Кыргыз-Кыштак, Ак-Калпак айылдары негизинен шалы өстүрүү аркылуу тиричилик кылат. Бул өсүмдүк сууну өтө көп талап кылат. Суу менен гана өсүүчү өсүмдүк деп эсептелет. Биринчи пал жасалат. Пал (күрүч эгүүгө ылайыкташтырылган жер аянты) шахмат формасында болот. Күрүчтү май айынын башында, апрель айларынын аягында эгебиз. Алгач палга сууну толтуруп, жакшылап ылайлатып алынат. Андан кийин үрөн себилет. Кайра дагы балчык кылынып, бут менен кечип чыгылат. Эки күндө палга суу толтурулат жана ал аянт суусуз калбашы керек. Күрүчтүн 1500го жакын түрү бар. Баткен күрүчтөрү 90-120 күндө бышып, жетилет. Сууну күрүч бышканга чейин толтуруп туруу керек.

Күрүчкө үч жолу азыктандыруучу минералдар салынат.

1. Боюн өстүрүү үчүн бир карыш болгондо салынат.
2. Жапайы оттордон тазалоо үчүн.
3. Даны толо болушу үчүн.

Бышкандан кийин орок менен оруп алат да, шалысын ажыратып, аны тегирменге тарттырып, күрүчү ажыратып алынат (**Мансуров Замирбек, Кыргыз-Кыштак айылы, Баткен облусу).**

**Кир сууларды тазалаган биокөлмөлөр**

Кичи шаарлар менен айылдардын колдонулган кир сууларын биокөлмөлөрдү куруу аркылуу тазаласа болот. Биокөлмөлөр атайын жерден казылып жасалат жана ошо көлмөлөрдө жашаган микроорганизмдер суунун кири менен «азыктанып», сууну кайра колдонууга жарактуу кылышат. Сууну тазалаган бактериялар тез көбөйөт жана таза суудан аларды оңой бөлүп алса болот. Ошондуктан, биокөлмөлөр сууну арзан жана химикатсыз тазалоонун Кыргызстанга ылайык усулу. Биздин өлкөбүздүн айылдары менен кичи шаарларына үч туташ көлмөлөр ылайык: биринчиси, анаэробдук (кычкылтекти талап кылбаган) көлмө, экинчиси - аэробдук (кычкылтекти талап кылган) көлмө жана үчүнчүсү – топтогуч (сууну тундурган) көлмө. Тазаланган суу талаалар менен бактарды сугарууга ылайык болот. Сууну биокөлмөлөрдө тазалоо табигый агын суулардын жана жердин астындагы суулардын булганышынын алдын алып, ошо менен бирге суу байлыктарды сарамжалдуу колдонууга шарт түзөт (**Куйчиев Асат, Кызыл-Кыя шаары, Баткен облусу**).

**Кооптуу суу**

Козубаглан дарыясын негизинен «кандуу дарыя» деп да коюшат. Убагы келгенде бул дагы суу көбөйүп калганда кансырап калат экен. Ошондо адамдарды, мал-жанды агызып кеткенине күбө болуп калабыз. Ошол убакта этият болуу керек. Биздин элдер дарыя кансырады деп мал союшуп кан чыгарып да турушат (**Шакирова Айгүл, Эски-Оочу айылы, Баткен облусу**).

**Суу кордогон, кор болот**

Биздин Козубаглан дарыясы алыстан агып келип, Катран, Коргон, Андархам, Бешкент жана Кайрагач айылдарынан өтөт. Тилекке каршы, айылдардын элдери ар кандай малканаларын сууга жакын жерлерге, кээ бир акылы жок адамдар ажатканаларын да сууга жакын жерлерге куруп койгон. Кирлерин жана унааларын дарыянын жээктеринде жууп атышат, малдарын дарыя жээктеринде багып жүрүшөт. Анан биздин таза дарыя суубуздан эч кандайын тазалыгы калбайт да, жугушту оорулар чыгат. Сууну булгоо бул асманга түкүргөндөй, сууну булгасак анын терс таасири айланып өзүбүзгө тийет (**Холматов Райимжан, Кайрагач айылы, Баткен облусу**).

Элде «суу жети таштан айланганда, тазаланат» дечү, азыр жүз таштан өтсө да тазаланбайт. Сууда көзгө көрүнөөр ылай гана эмес, көзгө көрүнбөгөн химикалык заттар да бар. Суу айылдан өткүчө ага сугаттан ашкан суулар кошулуп, дыйкандар чарбагында колдонгон семирткичтер, гербициддер сууга агып түшөт. Ошондой суу менен чарбактагы өсүмдүктөрүмдү сугарсам, алар кадимкидей ооруйт (**Баратов Зордун, Ырдык айылы, Ысык-Көл облусу**).

Ар түрдүү жугуштуу оорулар малдардан жугуп жатат. Себеби биз өзүбүз малдардын калдыктарын сууга жакын жерлерге таштап, малдарыбызды суу келчү жерлерде багып жатабыз. Таштандылар сууга ташталып, ал айланып өзүбүзгө зыян болуп жатат. Ошондуктан бүгүнкү биздин эң көйгөйлүү маселелерибиздин бири - бул таза суу маселеси болуп жатат **(Камолова Сайөра, Бешкент айылы, Баткен облусу).**

Селдердин жүрүшүнүн себеби, бул биздин адырларыбыздагы өсүмдүктөрдүн азайышы. Алардын тамыры жерге терең кирип, аны бекитип кармап турат. Азыр аз эле жамгыр жааса, тез эле сел пайда боло турган болуп калды. Мунун баары жаратылышка кылган өзүбүздүн мамилебиздин айынан болуп жатат **(Момунов Абдибасыт, Эски- Оочу айылы, Баткен облусу**).

**Суроолор**

- Сиздин аймакта суу кеңириби же азбы?
- Сууну узакка сактоонун же кир сууну тазалоонун кандай ыкмаларын билесиз?
- Бүгүнкү күндө желим бөтөлкөлөргө суусундуктар, ар кандай майлар ж.б. суюктуктар куюлуп, сатууга чыгарылып жатат. Айлана мына ушул бошогон желим бөтөлкөлөргө толуп кеткен. Бул бош идиштерди кандай максаттарда пайдаланууга мүмкүн?
- Силер кайсы өсүмдүктөрдү өстүргөндү билесиңер? Аларды өстүрүү шарттарын жазгыла. Дыйкандын эмгегин кандай баалайсыңар? Бул жөнүндө ой жүгүрткүлө.
- Сууну эмне себептен тилсиз жоо дейт?

**Чыр-Чатак**

Эл жайлоого конгондо,
Эртерээк ичсем дедиртип,
Эки агайин кишини,
Ача кылган аккан суу.
Жүргөн жерин гүлдөтүп,
Жумуш кылган аккан суу.
Нөөбөтү мага келбейт деп,
Коңшу отурган адамды,
Уруштурган аккан суу. ...
Жиктеп журтка бөлбөгөн,
Жанында адам болбосо,
Жакын көрүп чөлдөгөн.
Арык кайрып байласа,
Пайдасы бар аккан суу.

Жашап турса түгөнбөс,
Жайрасы бар аккан суу.
Жандуу менен жансызга,
Өмүр отун күйгүзгөн,
Айласы бар аккан суу!

*Жеңижок, Аккан суу*

Биздин жашаган жерде эң көйгөйлүү нерсе - бул суу. Жайында суунун келиши өтө кыйын. Себеби көчөнүн астында он чакты үй-бүлө, үстү жагында 30 үй-бүлө бар. Бир эле түтүктөн суу ичебиз. Уруш жаңжалдын баары ушул суунун артынан болот **(Тороева Динара, Бешкент айылы, Баткен облусу)**.

Мен айыл башчы болгонума байланыштуу көбүрөөк суу талаштарды териштирип турам. Коңшулардын суу талаштары болуп турат. Мына Махсим арыгы бар, аны кээде сел келип жууп кетет. Ушундай учурларда элдин түшүнбөстүгү менен суу талаштар болуп турат. Коңшу Тажикистан менен суу талаштар жок. Селдердин келиши жер кыртышынын бузулушунан улам болуп жатат. Себеби элдер чыгып отун катары бадалдарды кыйып, чөптөрдү жулуп, сууну кармай турган ошол бадал, чөптөр болот **(Полотов Асан, Эски - Оочу айылы, Баткен облусу).**

Мен жашаган жерге суунун келиши өтө кыйын. Элдерде ынсап калбай жатат. Менин сууну алуу мөөнөтүм болсо да, сууну буруп алгандар көп. Мен сууну байлап келгиче, дагы бирөө буруп алат. Барып кайра буруп келгиче, дагы көп убакыт өтөт. Ошентип суу мөөнөтүм да түгөнүп калат. Анан буларга чыдабай мен да азыр насос алып колдонуп атам. Азыр кыйла жакшы болуп калды **(Атакишиев Мирзарахмат, Бешкент айылы, Баткен облусу)**.

**Суроолор**

- Сиздин айылда суунун жетишпегендигинен талаш-тартыштар болобу? Болсо, алар кандай чечилет?

- Суу маселесинен келип чыккан чыр-чатактардын алдын кандай алса болот?

**Уламыштар**

Өз тулкусун жоготпой,
Бир тамчысын коротпой.
Кармап келген аккан суу.
Курмандыкка денесин,
Арнап келген аккан суу.
Аягы жок, колу жок,
Токтойм деген ою жок
Жүрүп келген аккан суу.
Бара турган жерине,
Кире турган көрүнө
Күлүп келген аккан суу. ....
Деңизинде сойлогон,
Алышканын койбогон,
Арыстан баштуу, мурду шиш,
Канаты бар учканга,
Бул дүнүйө жалганды
Кайраты бар жутканга,
Алтымыш кулач, беш баштуу
Ажыдаарың дагы бар.
Жарык кылган түндөсү
Кулагынын түбүндө
Күйүп турган шамы бар.
Сырларың көп катылган,
Көк өгүздөй балыгың
Көктү көздөп атылган,
Жаркыратып түн ичин
Кайра сууга жашынган.

*Жеңижок, Аккан суу*

**Бала булак**

Баткен облусунун Баткен районундагы Сай айылында «**Бала булак**» суусу бар. Бул суунун Бала булак аталып калышынын себеби төмөнкүчө: илгери орус падышалыгы жаңыдан орной баштаган мезгилге туура келет. Ал мезгилде дин багытындагы молдолорго көп кысым жасалган учур эле. Ал молдолордун арасынан бир Кожом деген молдо таң заарда аялын алып, тоо тарапка карап качып кетет экен. Молдонун артынан куугун күндөп-түндөп, айлап издеп, таппай коюшат да, өлдү деп издөөнү токтотушат. Арадан бир топ жылдар өтөт. Кожом бекинген бойдон сабыр менен өмүр сүрөт. Бирок ал балалуу болбой жүрө берет. Кудайдан зарлап бала тилейт. Күндөрдүн биринде, балалуу болбогонуна сыздап кайгырып, өзүнө окшогон баласыздарга Кудай бала берүүсү үчүн аска-зоонун астында отуруп, бар дем-күчү менен дуба окуп, булак чыгарат экен. Мына ошол булак Бала булак аталып, адамдар бала тилеп, ошол булакка барып, ниет кыла башташат. Жаш кыздар, жигиттер да бакыт тилеп, ал булакка айнек, тыйын таштап,

азыркыга чейин эл зыярат кылуучу булак болуп калган (**Шергазиев Өмүр, Сай айылы, Баткен облусу**).

**Жылына үч күн аккан дарыя**

Илгери биздин Лангар айылында Максым уруусунан болгон Эшен аттуу даңкы далайга жеткен чоң молдо жашаган экен. Ал кезде бай-манаптар үстөмдүк кылып, турган мезгил эле. Эшен ата жана анын шакирттери болуп Алайга даватка барышат. Ошол күндөрү Алайдын эң чоң байы той кылып жатканын билишип, алар дагы тойго келишет. Бай Эшен ата жөнүндөгү көп нерсени угуп, бирок анын күчүнө ишенбей жүрчү. Ошондо той кылып жаткан бай Эшен атага: "Мен үч күн той кылам, ошол үч күндө ушул сайдан дарыя агызып бер" дейт экен. Эртеси күнү турушса, чын эле ошол сайдан дарыя агып жатканын көрүшөт. Анын күчүн өз көзү менен көрүп ишенип, үй-бүлөсүн, байлыгын, мал-мүлкүн таштап, Эшен атанын шакирти болуп үйдөн чыгып кеткен экен. Бай Эшен атага: "Мен ушул дарыяны үч күнгө эмес, түбөлүк агып турсун деп сурасам болмок экен", - дейт экен. Ошондо Эшен ата: "Сен менин канчалаган күчүмдү кетирдиң, жашоомду канча жылга кыскарттың", - дейт. Себеби, молдо ушунчалык күчтүү дубаларды окуп, дарыя актырам, күчүмө ишенсин деп өзүнүн күчүнөн ажырап, өмүрүн кыскарткан экен. Азыркы күнгө чейин бай той кылган мезгилде убакта ошол сайдан бир жылда үч күн дарыя агат экен **(Үсөн кызы Бурулкан, Лангар айылы, Баткен облусу)**.

**Алыш айылынын ушундай аталып калышы**

Алыш айылы Исфайрам дарыясынын башы болгондуктан, ушул айылдан башка айылдарга суу бөлдүрүп алышкан. Ошондуктан, элдер суу алышкан жер Алыш аталып калыптыр. Азыр да атайын дарыянын суусун бөлүштүрүүчү ишкана бар. Ал жерде сууну Үч-Коргон айылына, Кызыл-Кыянын айрым жерлерине, Кара-Дөбө, Марказ, Көк-Талаа айылына жана Өзбекстандын айрым жерлерине бөлүштүрүлөт **(Сулайман кызы Айгерим, Алыш айылы, Баткен облусу).**

**Ак-Булак айылы**

Илгерки заманда бир жалгыз үйдө чал менен кемпир жашаптыр. Алар көп жыл бою бала көрбөй жүрүп, элүү жашында ал аял бир бала төрөйт. Ал аял төрөттөн каза табат. Чал баласын тоюнтуу үчүн ичээрге суу таппай, жолдо баратса булактан аппак сүттүн агып жатканын көрөт экен. Чал ошол булактан чыккан сүт менен баласын багып чоңойтот. Ошол себептен, ошол убактан бери бул айыл Ак-Булак айылы аталып калыптыр **(Имарова Бузайнап, Кызыл-Кыя шаары, Баткен облусу).**

**Исфайрам дарыясы**

Исфайрам дарыясы жайы-кышы чокуларынан мөңгүсү кетпеген Тегирмеч жайлоосунун мөңгү сууларынан, көлдүн суусунан жана бир канча булактан чыккан таза суулардан куралып, Кыргызстандагы айыл, шаарларды эле эмес, Өзбекстандын элин да суу менен камсыз кылат. Исфайрам дарыясынын аталышы тууралуу бир нече уламыштар бар. Бир уламышка ылайык, Иса жана Марийам аттуу кыз-жигиттин сүйүүсүнөн улам ушундай ат коюлган экен. Тегирмеч жайлоосунда жашаган эки уруунун ынтымакка келе албастыгынын айынан сүйгөн ашыгына жетпей калып Марийам өз боюн сууга таштаган.

Ошондон улам Иса менен Мариямдын аты биригип, Ысфайрам болуп аталып калган имиш. Экинчи уламыштын тарыхы мындай: Аллах элдерге пайгамбар кылып берген Иса алейхиссалам атасыз эле, түздөн-түз энеден төрөлгөнүн билебиз. Ошол кезде боюна бүткөн Мариям энебиз элдин ушак-айың, жаман сөздөрүнөн коркуп, алыска качып барып, уулу Исаны төрөмөй болот. Ошондо ал биздин жерлерге келип уулун төрөгөн дешет, бирок төрөлгөн наристени жууганга суу жок болчу. Алланын керемети менен ыйлап жаткан баланын таманынын астынан булак болуп суу чыгыптыр. Дарыянын башаты ушул жерде башталгандыктан ушул жер Исфайрам деп коюлуп калган экен. Дагы бир уламышта бир аз башкачараак айтылат: Илгери Исфайрам дарыясынын жанынан Ыса пайгамбар өткөн экен дешет. Ошол күнү ушул жердеги адамдар пайгамбардын келгенин майрам кылышкан экен. Ошондон улам ушул жердеги адамдар анын урматына пайгамбардын атын беришиптир. Бирок ал азыркы күнгө келип, тыбыштык жактан өзгөрүп Ысфайрам аталып калыптыр **(Кадыров Азиз, Өл-Алыш айылы, Баткен облусу)**.

**Суу боюнда өскөн мажүрүм тал баяны**

Илгери-илгери мажүрүм тал дарак эмес, акылдуу, суйкайган сулуу кыз болгон экен. Күндөрдүн биринде дал ошол кыз жашаган айылга кайдан-жайдан келгени белгисиз душмандар каптап кириптир. Алар элди чаап, чекеден кыра баштаптыр. Дал ошол кезде биз айткан сулуу кыздын ата-энесин да, бир туугандарын да өлтүрүшөт. Түн ичинде баягы кыз душмандардан качып жөнөйт. Куугун кууп, кыздын аргасы түгөнөт. Башка жол жок, шаркырап аккан дарыяга келет. Дарыядан кечүүгө мүмкүн эмес болчу. Кыз «мени аман сактап калгыла», - деп дарыяга жалынат, жанында өскөн талга жалынат. Кыз чачын жайып сууга бутун салат. Аңгыча эле карс эткен үн угулат. Бул үн белинен сынган талдын табышы эле. Тал сууга кулап, суу аны агыза баштайт да, кыз мажүрүм талга айланат. Ошол үчүн, мажүрүм тал кыздын келбетиндей сулуу болуп, чачтары сууга малынгансып, өлгөн ата-энесин, бир-туугандарын жоктоп суу боюнда өсүп калат экен (**Раимжанова Муслимахон, Үч-Коргон айылы, Баткен облусу**).

**Мык коргондун сыры - суuда**

Өзбекстандын Фергана районуна караштуу Бегимжан-Дөбө айылында чоң сепил коргондун эски урандылары азыркыга чейин сакталып турат экен. Бул айылда негизинен этникалык кыргыздар жашайт. Мык коргон тууралуу элге кеңири таралган уламыш бар экен. Тарыхтагы жунгар жана ойрот-калмак доору мезгилинде Мык аттуу падыша өз элин душмандардан сактоо үчүн бекем чеп, коргон курдурган экен. Коргондун туурасы өтө кеңири, үстүндө эки араба кайчылаш жүргөн дешет. Падыша коргондун сыртындагы аймактарга кароол дөбөлөрдү куруп, ал дөбөлөрдө сакчылар алыстан душмандарга байкоо салган. Душмандын элесин көргөндө дөбөлөрдө саман күйгүзүп, чепке белги беришкен. Ал дөбөлөр азыркы Кадамжай районундагы Кара-Дөбө, Өзбекстандын Фергана районундагы Зар-Дөбө, Бегимжан-Дөбө, Кувасай аймактарында бүгүнкү күнгө чейин сакталып турат. Мыктын коргонундагы шаарча абдан бекем корголгон экен. Душмандары чепти колго киргизе албай көп кыргынга учурайт. Жоо тыңчылар аркылуу шаарды алуунун жашыруун сырын алуу үчүн бир кемпирди колго алат. Кемпир Мыктын Бегимжан аттуу сүйүктүү аялына көп нерселерди аткарууга убада берип, коргонду багындыруунун сырын билет. Көрсө, шаарга жер астынан куур аркылуу тээ алыстагы Ысфайрам дарыясынан суу келет экен. Ысфайрамдын башынан саман агызса, саман айланган жер табылат. Ошол жерди бекитсе, шаар суусуз каларлыгы белгилүү

болот. Душман суунун көзүн Исфайрамдын жээгиндеги азыркы Алыш айылынан таап, коргонду суусуз калтырат. Мыктын коргонунун дарбазасы ачылып, аскерлери баатырларча кармашышат. Бирок күч тең эмес болгондуктан, шаарды алдырып коюшат. Душман коргонду багындырган соң, чыккынчы аялдан Мык падышанын ага жасаган мамилесин сурайт экен. Аял күнүнө кырк койду сойдуруп, жиликтин чучугуна аш демдетип, кырк саам ак пахталуу жумшак төшөктө отургузуп багарын айтыптыр. Мындай жоопту уккандан кийин душмандардын падышасы өз элин, жерин, күйөөсүн саткан аял мага эмне жакшылык кылмак деп, бир бээге байлап, артынан эки айгырды коё берген экен. Азыркы Кадамжай районундагы тоолуу аймактын Тамаша айылы ошондон улам мына тамаша деп, бүтүн эл тамаша кылган жер Тамаша аталып калган экен. Айгырлар эки жакка айрылган жер Айрыбаз аталып калган дешет. **(Акимбаева Тазагүл, Кызыл-Кыя шаары, Баткен облусу).**

**Бант суусу**

Кадамжай районунун Кароол айылынын үстүндөгү арчалуу эки тоонун ортосунда булактан суу чыгып, таштардын арасынан жайылып, чоң арык болуп агып келет. Суу абдан тунук жана өтө муздак. Айланасы өтө кооз жер. Жайындасы салкын, абасы адамдын көңүлүн сергитип, көмкөк жашыл чөптөрдүн жыты жыттанып, куштардын сайраганы жагымдуу угулат. Майдан, Кароол айылындагы адамдар ошол жердеги көлдүн суусун эгин-тегинге пайдаланылат. Көл өзөнүнүн башынын Шаймерден тарабы Суу-Башы, сол тарабы Бант деп аталат. Бант сайынын башы илгери Киндик-Суу деп аталган дешет. Анын себеби адамдын денесиндеги киндиктей болгон жерден жазын-кышын атырылып суу чыгат. Бант суусун илгери азиз адамдар да дарылык касиети бар деп эсептеп, андан пайдаланганын айтышат. Улуулардын айтуусу боюнча, Алланын бизге берген Азиз суусу, ал жерден чыккан суу дартка шыпаа касиети менен улук деп эсептешет. Бант суусу Араб мамлекеттерине да даңкы кеткен. Ажыга барган кыргызстандыктардан Бант суусун ичкенсизби деген суроолорду беришет. Касиеттүү Бант суусун ичем деп, иче албай жүргөн кишилердин арбындыгын жергиликтүү эл жакшы билет.

Улуу тоого чыккан барбы?
Улардын үнүн уккан барбы?
Банттын суусун ичкен барбы?
Бул дүйнөдөн армансыз өткөн барбы?

Дарылык касиети бар суунун «Бант» деп аталып калышы жөнүндө бир нече уламыштар бар.

Олуя ата Шаа Машрап Кашкарга Исфайрам капчыгайы аркылуу кетип жатып, ушул булактан суу ичип, жанындагы сапарлаш кишилерге мындай деген экен: «Дүйнөнү кыдырып жүрүп, мен мындай суу ичпедим, бул жерди таштап кете албайм, себеби бул суу мени өзүнө тартып жатат». Өзүнүн жанындагы кишилерге суунун башы кандай чыгып жатканын аныктап келүүнү буюрат. Суунун башы булак экендиги жана анын чыгып жаткан жери жөнүндөгү кабарды уккан олуя «Таптым!» деп кыйкырып жиберет. Сапарлаштары таңдануу менен эмнени таптыңыз деген суроосуна Олуя ата: «Мен мүрөктүн суусу тамган булакты таптым» деп жооп берет. Ошентип Шаа Машрап бул жерде көпкө чейин кармалып калат. Бир нече айлардан кийин гана Олуя ата Кашкарга

бараткан сапарын улантат. Ошол окуядан бери бул булактын аты Фергана өрөөнүнө гана эмес, жалпы мусулмандардын сыйына турган булагы болуп келе жатат.

Экинчи бир уламышта, Жабраил алейхисалам адамдарга өлбөстүктүн суусу, мүрөк суусун ичирүү үчүн жерге түшөт. Мүрөк суусу бар идишти даракка илип, өзү адамдарды издеп кеткенде кара карга идишти сындырат. Суу бир дарактын тамырына сиңип кетет, дарактын астындагы бир бутага түшкөн тамчы суунун бир бөлүгү бууланып кетет, бир бөлүгү ошол жерде агып турган булакка түшөт. Карга бир тамчы сууну ичүүгө үлгүрөт. Арча суу төгүлгөн ошол дарак. Ошондуктан жайын-кышын көгөрүп тура берет жана көп жашайт. Карга эң узак өмүр сүрөт. Тамчы тамган булак Бант суусу экен. Мүмкүн ошондуктан Бант суусу чыккан Кароол айылындагылар узак өмүр сүрүшсө керек.

«Бант» сөзү фарс тилинен кирген, бизче которгондо «ыйык», «байланган», «ээленди» деген маанилерди билдирет.

Бант суусу таза суу гана болуп калбастан, ал организмдеги ар кандай зыяндуу заттарды тазалап чыгаруучу сапатка ээ. Айрыкча, суунун курамында сөөк клеткаларына керектүү зат - кальцийдин көптүгү менен бааланат **(Мадумарова Малохат, Көк-Талаа айылы, Баткен облусу).**

**Ысык-Көл уламышы**

Илгери-илгери Ысык-Көлдүн ордунда чоң шаар бар болчу экен. Ушул жерде ай десе айдай, күн десе күндөй сулуу, акылдуу кыз жашаптыр. Бул кызды Улан жана Санташ деген эки баатыр жигит жактырып калат. Экөө кызды талашып, жекеме-жеке чыгып согушат. Урушта экөө тең өлөт. «Эки жигиттин убалына калдым», - деп сулуу кыз күндүр-түндүр ыйлай бериптир. Бара-бара кыздын көз жашынан Ысык-Көл пайда болот. Ошол себептен көлдүн суусу мөлтүр, тунук жана туздуу болуп калат. Ал эми Улан менен Санташ шамалга айланып, ушул күнгө чейин көлдү талашып, бири-бири менен кармашып жүрөт. Ошондон улам бул көл жанга жакын, жагымдуу, Ысык-Көл деп аталып калган экен **(Акматов Нурбек, Каракол шаары, Ысык-Көл облусу)**.

**Кокуй-Көл жана Жыргалаңдын аталып калышы**

**Кокуй–Көл** Жети-Өгүз районундагы Ак-Дөбө айылында жайгашкан. Узундугу 500 метр, туурасы 300 метрдей. Бул көлдүн Кокуй-Көл болуп аталып калышы боюнча бир нече уламыш бар. Кайсы бир убактарда ушул көлдун тегерегинде эл жашаган экен. Күндөрдүн биринде бир келин ымыркай баласы менен көл жээкке кир жууганы барып, колундагы наристени кокусунан сууга түшүрүп жиберген экен. Көл терең, сормо болгондуктан кечип сууга кире албайт. Көз ачып жумганча өз колунан мерт болгон балсына жаны ачыган эне: «Кокуй! Кокуй-Көл! Кокуй-Көл!» - деп ыйлаган экен. Ошол окуядан улам бул көл Кокуй-Көл аталып калган. Башка уламышта, бир атчан киши келе жатып, аты үркүп, аты менен кошо көлгө кирип чыга албай: «Кокуй-Көл!» деп кыйкырган дейт. Үчүнчү уламышта, бир абышка-кемпирдин Токтобек деген жалгыз уулу болгон экен. Токтобек ойноп жүрүп атасы балык кармаган көлдө торго илинип көлдөн чыга албай калат. Ата-энеси издеп таппай көлдө торду салганын унутуп көп убакыт өтүп кетет. Уулун издеген кемпир менен абышка буркурап ыйлап олтурушуп өрдөк болуп кубулушат. Өрдөктөр: «Токтобек, кокуй!» - деп учушат. Ошондон улам, бул көл Кокуй-Көл деп аталып калат.

**Жыргалаңга** илгерки жоокерчилик заманда бир бейтааныш адам келген экен. Келсе, суусунда балыгы көп, жээгинде отуну көп, тоосунда аңы көп, кереметтүү жер

болот. Кийин башкалар «Кандай жер экен?» - деп сурашса, - «жыргал жер экен», - деп жооп берген экен. Башка уламышта, эл жыйналып, «бул жер тогуз суунун тоому экен, бул суунун атын кандай коебуз?» деп ойлонгондо, бир көзү ачык: «Жыргалаң койгула, бул жерде алтын бар, суунун өйүз-бүйүзүндөгүлөр кор болбой, жыргап өмүр сүрүшөт!» - деген экен. Кээ бир божомолдорго ылайык, Жыргалаң калмак тилинде «жылма акан суу» дегенди билдирет. Дагы бир уламышта илгери Жуматай деген бүркүтчү карыя болот. Ал Куу-Чегир деген бүркүтүн жылкынын чучугу менен багат. Күндөрдүн биринде бүркүтүн кушка салат, Куу-Чегир учуп жүргөн куштардын бардыгын өлтүрө баштайт. Андан кийин Көл-Бел тоосуна учуп кетет, кайтып келбей коет. Куу-Чегир тээп өлтүргөн куштарды элдер беш күн жыйнашат. Ошол күндөн баштап элдер Тасма тоосунан Түргөнгө чейинки токойду мергенчиликтин, аңчылыктын мекени экен, Жыргалаң деп атай башташат **(Акматов Нурбек, Каракол шаары, Ысык-Көл облусу)**.

**Эки чыны суу**

Байыркы заманда бүт дүйнөгө таанымал бир өкүмдар жашаган экен. Ал кайсы жерге барбасын өзүнүн байлыгы, казынасы менен көп элдерге мактанчу экен. Ал эми анын жалгыз акылман увазири болгон экен. Күндөрдүн биринде ал увазирин чакырып, мындай деген экен: “Сен алыска чыккан увазирсин, акылмансың, мен сага ишенем. Адамдар өкүмдардын дени сак, күчтүү ал эми аскерлердин ден соолукта, намыскөй болушун каалайт. Ошондо алар тизелеп оозундан чыкчу сөздү күтөт,” - деп айткан экен. Акылман «мен сенин пикириңе кызыгып жатам. Айт, айткын менин өкүмдарлыгым жана байлыгым жөнүндө кандай ойдосуң?» – деп сурайт. Ал эми увазир жооп ирээтинде кайра өкүмдарга суроо берет: «Айталы, өкүмдарым сиз абдан ысык, учу кыйырсыз чөлдө жүрөсүз. Бирок ал жерде суу жок, сиз болсо абдан чаңкап жатасыз, эми байлыгыңыздын жарымын бир чыны суу үчүн берет белеңиз?» – дейт. Өкүмдар өтө көпкө ойлонуп: «Ооба, бермекмин», - дейт. Кайра суроо узатат: «Ал эми сиздин чаңкооңуз ого бетер артып баратат, абдан суусап жатасыз, эми байлыгыңыздын калган бүт жарымын экинчи чыны суу үчүн берет белеңиз?» Анда өкүмдар: «Ооба, бермекмин, жашаш үчүн, аман калыш үчүн бермекмин» дейт. Анда увазири жылмайып: «Көрдүңүзбү, өкүмдарым, сиздин болгон байлыгыңыз эки чыны суу», - деген экен **(Айдакеева Нурзада, Георгиевка айылы, Ысык-Көл облусу).**

**Козубаглан дарыясы**

Эл оозунда көп айтылган уламышка ылайык байыркы замандарда бир Козубаглан деген бала болгон экен. Ал бир кызды сүйүп калып, экөө ушул дарыянын жээгинде ар дайым жолугушуп турчу экен. Экөөнүн турмуш курганына тууган-уруктары каршы чыкканынан кыз өзүн сууга таштайт экен. Аны куткарам деп жигит дагы кыздын артынан сууга секирет, бирок экөө тең суудан чыгалбай, каза болушат. Ошондон баштап бул дарыяны Козубаглан деп атап калышкан (**Шакирова Айгүл, Эски-Оочу, айылы, Баткен облусу**).

Байыркы заманда Кытай, Индия тарапта бир падышанын жалгыз кызы бар болгон экен. Ал кызы өтө акылдуу, көргөндү суктандыруучу кыз болуп чоңойгон учурда белгисиз бир ооруга чалдыгат экен. Падыша ар жакка чабарман жиберип, табып, дарыгерлерди чакырттырат. Табып, дарыгерлер дарылоого канчалык аракет кылбасын өзгөрүү болбойт. Падыша күндөн-күнгө кабатыр болуп, эгерде ким кызын айыктырса каалаганча алтын берерин айткан. Ар жактарга барып келген акылман саякатчыларды топтоп, аларга да ушул сөздөрүн айтат. Алар дүйнөнүн ар кандай дарыларын жана табыптарын айтышат,

аларга кабар жиберип, ал дарыларды табыптарды алып келтиришет, бирок эч кандай өзгөрүү болбойт. Ушундай күндөрдүн биринде Жибек жолу аркылуу биздин Лейлек аймагынан өтүп, Самарканга каттап жүргөн, көптү көргөн акылман карыя келет. Ал ханга ушундай дейт: «Ханым алыскы тоолуу, ак мөңгүлүү тоолордон башталган, таштан ташка урулуп кайнап бышкан касиеттүү Козубаглан деген дарыя агат. Ошол дарыянын суусу көп ооруларга даба болот деп угуп жүрөм, мүмкүн ошол дарыянын суусу табылса сиздин кызыңыздын оорусу да айыгып калар?» - деп айтат. Ал сөздү уккан падыша Козубаглан дарыясынын суусун табууну буюрат.

Илгери биздин аймактарга келген соодагер саякатчылар өз мекенине Козубаглан суусунан ыйык кылып алып кетчү экен. Хандын буйругу менен жакын аралыкта Козубаглан суусунан алып келген соодагердин үйүн издешет. Бирок ал соодагерде суу жок калган болот. Суу үчүн ал жерге барайын десе кыздын абалы оордошуп калган, сууну алып баргыча кеч болуп калышы мүмкүн эле. Ошондо баягы акылман карыя мындай дейт: «Эгерде Козубаглан дарыясынын суусу табылбаса, анда ошол дарыяны кечип өтүп келген аттын туягын сууга чайкап, ошол сууну ичирип көргүн», - дейт. Хан бул сөздү угуп ачууланат, бирок аргасыз аткарууга мажбур болот. Козубаглан дарыяны кечип өткөн атты таптырып, туягын сууга чайкатып ичиргенден кийин төшөктө жатып калган кызынын жүзүнө кан жүгүрөт, жашоонун белгиси көрүнөт. Эки-үч ирет ичкенден кийин көздөрү ачылып, күндөн күнгө ден соолугу жакшы болуп айыгып кетет экен. Ошондон баштап Козубаглан дарыясынын суусу дарылык касиети өтө жогору деп ар жерде бааланып, ыйыкталып келет (**Аслонова Тухтажан, Бешкент айылы, Баткен облусу**).

Дагы бир уламышта, хан нөөкөрлөрүн жөнөтүп, Козубагландын суусунан алдырып, кызына ичирет, бирок эч кандай пайдасы болбойт. Жини келген хан баягы акылманды чакыртып, суунун эч кандай пайдасы болбой атканын айтат. Акылман болсо «кызыңыз өзү барып, өз колу менен ичсин ошол суудан», - деп айтат. Хан кызын дарыянын жээгине алып келет. Кызы суу ичип жатып ошол жерде козуларын багып жаткан койчу жигитти көрүп, сүйүп калат. Кыз суу жээгине келген сайын, суудан ичкен сайын жакшы болуп, оорусу жоголот экен. Ошондо хан өтө ачуусу келет, эмне үчүн суудан алып келип ичирсем жакшы болбой, өзү барып ичип жакшы болуп баратат? - деп. Ошондо баягы акылман айтат экен: «Ханым, сиз кызыңызды алтын капаска салып койгон элеңиз, кызыңыз үчүн эркиндик жана сүйүү керек болчу, кыздын дартына таза аба, таза суу жана сүйүү дары болду», - дейт экен. Ошондон баштап бул дарыянын аты Козубаглан деп аталып калган экен (**Камилова Гүлнара, Лайлы айылы, Баткен облусу**).

Башка божомолдордо, Козубаглан козу багылган же козу байланган деген сөздөрдөн келип чыкканын жергиликтүү тургундар айтышат. Дарыянын башындагы жайлоолордо козу, койлор көп багылып, байыркы замандарда элдер дарыянын башына чыгып кой-козуларды союп, курмандык кылган үчүн Козубаглан деп аталып калышы ыктымал (**Атакишиев Мирзарахмат, Бешкент айылы, Баткен облусу**).

Козубаглан дарыясынын дагы башкача аты - Кожобакырган сайы. Уламышка таянсак, илгери бул айыл элдери суудан кыйналган учурда бир улуу эшен-кожолордон болгон экен. Ошол улуу эшен сайга барып, асасы менен жерди урганда суу чыккан экен. Ал асасын сууруган сайын, суунун көөлөмү көбөйүп, акыры суу өтө чоң болуп, кожону агызган экен. Кожо болсо элдерди жардамга чакырып бакырган экен, ошондон баштап бул дарыянын аты Кожобакырган деп аталып калган (**Камалов Садриддин, Бешкент айылы, Баткен облусу**).

**Абшыр-Ата суусу**

Ыдырыс пайгамбар беш убак намаз окуу, 30 күн орозо тутуу жана ислам дининдеги башка эрежелерди таркатуу үчүн ушул Абшыр тоолоруна келген деген кеп айтылат. Алла тараптан аяттарды үйрөтүүгө жана ислам динин кабыл алдыруу тууралуу буйрук алганын элге айтса, уккандар «Кудайың экөөң ошончолук күчтүү болсоң, кереметиңди көрсөт», - дешкен экен. Тургандар «тиги турган бийик зоодон сүт чыгарып берчи», - деп сынашат. Ыдырыс пайгамбар «Алладан эмне кылайын?» - деп сураганда, «колуңдагы таягың менен зоону бир-эки урасың, анан сүт чыгат», - деген жоопту алган экен. Ыдырыс пайгамбар эртеси эле суроо салган элди топтоп, айтылган зоону колундагы таягы менен урганда, зоо тешилип сүт чыккан экен. Сүт бир-нече жыл агып, анан адамдар сүттү пайдалануунун ордуна, кээде акаарат келтирип коюшкан дешет. Оюнда жаман ниети бар, кара мүртөз, пейили тар кишилер беттерин жууса, сүт сууга айланып кеткен. Кээ бирөөлөр бир келин жаш баласынын шымын сүткө салып чайкаганда, сүт акпай, ошондон тартып суу чыга баштаптыр деп айтышат. Бул болсо пенделердин сүттү убал кылышы, убалдан коркпой, Кудай тарабынан берилген кутка аярдык мамиле кылбай, сүттөн куру калганы, бирок Кудай дагы да кереметинен куру калтырбай суусун берген экен. Эми ошол сууну да баркын билип колдонушубуз зарыл (**Камалов Абдыкадыр, Кызыл-Кыя, Баткен облусу**).

**Канжар-Булак**

Канжар-Булак биздин Кадамжайдын Кара-Даңги деген тоосунда жайгашкан. Азирети Али өз адамдары менен сапардан келе жатып, аябай чарчашып, алсырашат. Ошол жерде эс алганы калып, кылычын жерге сайган экен, ошондо ошол жерден суу чыгыптыр дешет. Ошондон бери ал жерди Канжар-Булак деп атап коюшат экен. Дагы бир башка вариантта мындай айтылат: Байыркы мезгилде Канжар ата өзүнүн канжары менен Кудайдан төрт күн, төрт түн суу тиленет экен. Акыркы күнү канжарын алып жерге сайганда, ал жерден булак чыга баштайт. Ал булак азыркы мезгилде чарбага иштетүүгө жарамдуу эле болуп калган. Булакты бак-дарактарды, өсүмдүктөрдү сугарууга иштетишет. Бирок ал сууга кир жуушпайт, сууну булгашпайт, ыйык көрүшөт. Жайында элдин көпчүлүгү ал булактын жанына зыяратка барып турушат. Суу ичкенге жарактуу (**Матаипова Эркинай, Марказ айылы, Баткен облусу**).

**Шор булак**

Кадамжай районуна караштуу Советский шаарчасынын астында Калпы-Ата деген жер бар. Ал жер Шор-Булак деген булагы менен белгилүү. Булактын төмөндөгүдөй тарыхы бар: илгери-илгери сүйүшкөн эки кыз-жигит болуптур. Бирок алардын турмуш куруусуна ата-энелери каршы болушуптур. Ошондуктан алар бирге болуу үчүн айылдан качып кетишет экен. Качып отуруп, бийик тоого чыгып кетишет. Жигитти жаа менен кыздын туугандары атканда, жигит зоодон учуп өлөт. Ошондо айласы кеткен кыздын көз жашы токтобой, олтуруп алып ыйлай берет экен. Кыздын көз жашынан булак пайда болгон имиш. Ошол булакты Шор-Булак деп атап коюшуптур (**Рысбай кызы Мукадас, Кызыл-Кыя шаары, Баткен облусу**).

**Пидап суусу же Сасык-Булак**

Мен жашаган аймакта, мурунку Кадамжай районунун Кыргыз-Кыштак айылынын Ак калпак, азыркы Өрүк-Зар айылынын үстүндө Пидап суу деген суу бар. Суунун курамынан күкүрт суутеги чыккан экен. Бирок адамдар анын курамын билишпей эле жытына карап, сасык суу деп атап алышат. Суу ар кандай тери ооруларына, ташмаларга, жараларга, бүдүрлөргө шыпа дешет. Денени заарлуу жандыктар чакса да ушул суу менен жууса заары кайтат экен. Ошондуктан жергиликтүү эл бул булактын суусун дары катары колдонушат. Суунун Пидап деп аталышынын себеби, Орусия Фергана өрөөнүн каратып алган соң, бул аймакта аскер күчтөрүн да кармап турат. Орус аскерлери бүт котур болуп, денелери эзилип кетет. Ошондо В.В.Пидов деген биолог-химик окумуштуу ак падышанын буйругу менен келип, элден сураштырып, Сасык-Булакты табат. Элдин айтымында, бул суудан ичкен мал боор курт болгон эмес экен. Окумуштуу анын дарылык касиетин аныктап, бул жерге атайын медпункт ачтырып, аскерлерди айыктырган экен. Кийин медпунктту сел алып кетиптир. Окумуштуунун атынан улам дарылык суу Пидаптын (Пидов) суусу аталып калган экен **(Азим кызы Жаннат, Кыргыз-Кыштак айылы, Баткен облусу)**.

**Агача-Булак**

Агача-Булак Сүлүктү шаарынын Кош-Булак айыл өкмөтүнүнө караштуу Таң-Атар деген жерде чыгат. Эл оозундагы уламышка таянсак, Агача Чапкылдык уруусунан чыккан, элге кеңири белгилүү болгон олуя Жаныбектин бир тууган карындашы экен. Ал өзүнүн акылмандыгы, зиректиги жана уз-чебердиги менен таанылган кыздардан эле. Анын даңазасын уккан Кызылаяк уруусунун бийлеринен бирөө куда түшүп, шаан-шөкөт менен, жасалгаланган ат, төөлөр менен Таң-Атарга көчүрүп келген. Агача келин болуп түшкөн айыл эли 5-6 чакырым аралыктагы Кош-Булактан суу ташып ичип, кыйынчылык көргөн. Ушундай жашоо, эртеден-кечке суу ташуу Агачанын тирилигине да күндө туш келет. Адамдардын суудан тарткан азабына, кыйынчылыктарына Агачанын зээни кейип, Алладан жана Жаныбек агасынан суу жакыныраак жерде болсо, эл да мындай түйшүк тартпай, мал-жанга да жакшы болмок эле деп, алардан жалынып-жалбарып сурана берчү. Күндөрдүн биринде уктап кеткен Агачага Жаныбек агасы: «Агача, ордуңдан туруп, асмандагы булуттун көлөкөсү түшкөн жерди казсаң, суу чыгат» - деп, аян берет. Ийик ийрип отуруп көзү илешкен Агача чочуп ойгонуп кетет. Көрсө, чындап эле жакын жерге асмандагы төө сымал булуттун көлөкөсү түшүп туруптур. Көргөн аянын эки-үч адамга айтып, аны текшерип көрүүнү чечет. Агача колундагы ийигинин учу менен жерди бир-эки жолу оюп жиберсе, түшүндө көргөнүндөй, ушунчалык таза, тунук, мупмуздак суу чыгып кеткен экен. Ошондон ушул күнгө чейин булактан суу чыгып, мурдатан бери жашап келе жаткан Кызылаяк уруусу эле эмес, Кош-Булак айыл өкмөтүндө турмуш кечирген жалпы элге пайда келтирүүдө. Булак «Агача-Булак» болуп аталып калган. Агачанын көзү өткөн соң, булактын түштүк тарабына жакын жердеги жонго сөөгү коюлуп, чоң көрүстөнгө айланган, айланасы зым менен тосулуп, бак-дарактар отургузулган. Алла кереметти аркылуу сүйгөн пенделерине, элге Агача-Булакты жараткан дешет. Бул жерди жердеген эл жана кыштоого түшкөн малчылар да булакка өтө этияттык менен мамиле жасашып, жылына анын көзүн тазалап, мал-жандары суу ичүүчү ноолорду орнотуп пайдаланып келе жатышат (**Хидирова Чолпонай, Сүлүктү шары, Баткен облусу**).

**Зулпучач суусу**

Лейлек районунун Ак-Суу айыл өкмөтүнө караштуу Кара-Кемер (Үңкүр) айылынын түштүк жагындагы таштуу чагатта жайы-кышы өңү өзгөрбөй, жапжашыл тартып, кыздын өрүлгөн чачындай көк чөптөр самсаалап ылдый түшүп турат. Бул өрүлгөн чач сымал чөптөр жөнүндө Ак-Сууда бир нече уламыштар айтылат.

Тээ илгери бир заманда Кара-Кемер айылында келишкен сындуу ары акылдуу Малик аттуу жигит жашаган экен. Кедейдин үй-бүлөсүнөн чыгып, жокчулуктун айынан ар кимдин кара жумушун аткарып, күн өткөрчү дешет. Ошол эле айылда аны менен бирге ойноп чоңойгон Зулпучач ысымдуу ай чырайлуу кыз да жашаган. Жигит менен кыз бой жетип, экөөнүн ортосунда сүйүү ышкысы туташып, баш кошууну чечишет. Бирок Маликтин Зулпучачка үйлөнүүгө каражаты жетпей, калың топтоо аргасында калат. Күндөрдүн биринде жакынкы аймакта жашаган бай суу жээгине атын сугарганы келип, чакасына суу алып жаткан Зулпучачка көзү түшөт. Анын сулуулугуна суктанып, токолдукка алууну чечет. Зулпучачтын ата-энесине жуучу жиберет. Сараң байдын каарына калуудан коркуп, ата-энеси жалгыз кызын ага берүүгө макулдугун берет. Бай сулуу кызга үйлөнөрүнө өтө кубанып, тойго чоң камылга көрүлө баштайт. Зулпучач бул кабарды угуп, кайгыга батып, ашыгы Маликке окуяны төкпөй-чачпай айтып берет. Эки жаш байдан кутулуунун жолун издеп, качып кетүүнү чечишет. Той белгиленген күн да келет. Кыз-жигит шерттешкен анты боюнча качып жөнөшөт. Жаштардын бул амалы байга маалым болуп, алардын артынан куугун жиберет. Улан-кыз байдын жигиттеринен качып кутулбасына көздөрү жетип, айылдын четиндеги зоого барып токтошот. Артында куугун жоо, алдында зоо, эмне кыларын билишпей, Жаратканга жалбарып, куугундан кутулууну сурана башташат. Куугун жетип келгенде, Малик менен Зулпучач зоонун астындагы үңкүргө качып киришет. Кудайдын кудурети менен таштан эшик ачылып, үңкүрдүн оозу жабылып калат. Каалга жабылып каларда, Зулпучачтын бир өрүм чачы жана күмүш теңгелүү чачпагы сыртта кыпчылып калат. Күтүлбөгөн укмуштуу окуяга күбө болгон бай эс-учун араң жыйнап, жигиттери менен артын карабай качат. Ошол өрүм чач жана чачпак кышын, жазын саргарбай өскөн көк жашыл чөпкө айланган. Үңкүр ичиндеги ташка кубулуп калган эки жаштын армандуу көз жашы булак болуп көк жашыл чөптөн жерге тынымсыз жылжып турат. Ошол Зулпучачтын аталыш себеби ушундай (**Хидирова Чолпонай, Сүлүктү шары, Баткен облусу**).

**Кара-Булак**

Кара-Булак айылында чоң булак менен жанында көп жылдык эски бир чынар терек бар. Уламыштарда тээ байыркы мезгилдерде бул жерлерде тамчы суусу жок, ыдыраган чөл болуп, адамдар суусуздуктан аябай кыйналып жашаганы айтылат. Жайдын аптаптуу күндөрүндө бир карыя алыс сапардан кайтып жатып чарчап-чалдыгып ушул кумда олтуруп, кумурадагы суусунан ичип, жолго чыгайын десе суусун кокусунан төгүп алат. Суу кумга тез эле сиңип кетет. Байкуш карыя тамагы кургап, таягына жөлөнүп ордунан туруп, жолго түшөт. Бирок көпкө баса албай, таягын жерге кадаган бойдон жөлөнүп отуруп калат. Кудайдын кудурети менен таяк кадалган жерден жылтылдап суу пайда болот. Көргөн көзүнө ишенбей карыя аң-таң калып, абдан кубанат. Бара-бара жылтылдаган суу көбөйүп, чоң агымга айланат. Алгач суу чыккан жерге чынар көчөтүн сайышат. Ушул күндөн тартып эл ушул суудан күн көрүп, пайдаланып, бак-дарактар көгөрүп, чынар болсо чоң даракка айланат. Ушул чынар астына азыр да адамдар келип,

суу чыккан жерге сыйынып турушат **(Козубай кызы Динара, Кара-Булак айылы, Баткен облусу)**.

**Жин мажюр**

Дунган элдик жомоктордо сууну сыйкырдуу касиети көп айтылат. «Жин мажюр» жомогунда, кедей жетим бала чөл адырларда үч дан ашкабак отургузуп, аларды күнүгө сугарат. Бир жуманын ичинде ашкабактын ичинин баары алтынга толот. Ошондой эле көптөгөн уламыштар «өлүк» жана «тирүү» суу жөнүндө айтылат. «Өлүк» суу менен жараларды жууп, оорусун басат, «тирүү суу» болсо жакшы каармандарды тирилтет. Жомокто көбү калп болгондур, бирок ырас жактары да бар. «Өлүк» суу деп атаган себеби анын курамында микробторду өлтүргөн химиялык заттар бардыр. «Тирүү» деп суу башындагы жаңы муз эрип суу болгон сууну айтат (**Сейтахунова Хадия, Ырдык айылы, Ысык-Көл облусу**).

**Суроолор**

- Сиздин аймактагы кандай суулар агат? Алар эмнеге ошондой аталып калган?

**Макал-лакаптар**

Ар бир элдин даанышмандыгы макал-лакаптарда чагылдырылып, макал-лакаптар өз терендиги менен, таамай болгону менен сөздүн баркын билгендерди суктандырып келет. Сиз суу жөнүндө канча макал билесиз?

**Көнүгүү 1.** Досуңуз же курбуңуз менен алмак-салмак суу жөнүндө макал айтып көрүңүз. Ким көбүрөөк макал билет экен?

**Көнүгүү 2.** Бул ар кайсы элдердин суу жөнүндө макалдары. Кыргызча мааниси ушуларга шайкеш келген макалдар барбы?

Ма хэди җин фи, нагэ фи ма хэ негэ фи жын нын хэ» – ат таза жерден гана суу ичет, демек аны киши ичсе да болот.

«Фи фан чи лон дажэ жинли» - суу жети толкундан өткөндө тазарат.

**Макал-лакаптардын тизмеси**

Суумду төкпөгүн, шамалымды сөкпө.
Суу өзүнө жол  табат.
Өрт менен суудан  корк, тилсиз жоо.
Суу тазалайт, нан тойгузат.
Эл башы болбой, суу башы бол.
Ичкен сууңа түкүрбө.
Жаамгыр менен жер көгөрөт, бата менен эл көгөрөт.
Жамгыр өзүн сел ойлойт, кудук өзүн көл ойлойт.
Аккан сууда арам жок.
Суугатчы чакырса, барбайм дебе. Сууга аккан молдону кармайм дебе.
Суу - өмүр булагы.
Суу адамдын жаны, өсүмдүк каны.
Суу бойдун кирин кетирет, ойдун кирин кетирет.
Суу жүргөн өзөн кургабайт.
Суу жок арыктан кол жууй албайсың.
Суу каных – эгиндин даны толуп.
Суу сыйлаган зор болор, Суу кордогон кор болор.
Сууга жакын – Кудайга жакын.
Суу менен жан башталат, суу менен жан бүтөт.
Суу башаттан бузулат.
Суу - жердин каны. Жер - дыйкандын жаны.
Отко ойносоң күйөсүң, Сууга ойносоң чөгөсүң.
Бир киши арык казса, миң киши суу ичет.
Ата - өчпөс чырак,
Эне - соолубас булак.

Адамзатты сөз бузат,
Тоону ташты сел бузат.

Бирөө кечерге кечүү таппай жүрсө,
Бирөө ичерге суу таппай жүрөт.

Ат башына күн түшсө ооздугу менен суу ичет,
Эр башына күн түшсө өтүгү менен суу кечет.

Сурап ичкен тамагың суу ичкен менен барабар,
Уурдап ичкен тамагың уу ичкен менен барабар.

Жети күндүк жамгырдан желип өткөн суу артык.
Суу эмнени кетирбейт, суу эмнени кечирбейт.
Сууга балык бүтөт, эрге туяк бүтөт.
Суусу кетсе таш калат, сурма кетсе каш калат.
Суунун да сурагы бар.

Суу кырк арыкта акса тазарат.
Суу кечпей, кепичиңди чечпе.
Суу бар жерде жашоо (тиричилик) бар.
Суу башынан тунат.
Сууга чөккөн адам өлөт, кайгыга чөккөн адам көнөт.
Суудан алып, сууга куйду - бозочунун неси кетти?
Суудан сээп бышырган кийиз суудан да, сууктан да сактайт.
Суудан тонун аябаган, жоодон жанын аябас.
Суу –жерге, байлык – элге.
Суу кечпес сөздү айтпаган жакшы (Суу кечпеген сөздүн кереги не).
Суу менен жер көгөрөт, эл менен эр көгөрөт.
Суу мол болсо, нан да мол.
Сууну көп кечсе чалчык болот, сөздү көп сүйлөсө тантык болот.
Суунун жайын жар билбейт, жоктун жайын бар билбейт.
Суунун ийрими жаман, карынын ырымы жаман.
Сууну чым токтотот, сөздү чын токтотот.
Суусаганга кымыз бер, сураганга кошо бер.
Суусаганга суу да таттуу көрүнөт.
Суу ылдый агат, баатыр өр талашат.
Суучулдун ажалы суудан, мергендин ажалы тоодон, баатырдын ажалы жоодон.
Суу эркиндикти сүйөт.
Суу атасы – булак, сөз атасы – кулак, жол атасы – туяк.
Суу көрбөгөн какырдан түңүл, эр көрбөгөн катындан түңүл.
Суудан өткөнчө энемди берейин,
Суудан өткөндөн кийин өтүгүмдү чечейин.
Сугатчынын аты сууда өлөт.
Суу, суу дегенден суусун канбайт.
Суусаганга кара суу майдан жакшы.
Суунуку – сууга, сайдыкы – сайга, байдыкы – байга, бийдики – бийге.
Суунун күчү – тамчыдан,
жандын күчү – букарадан.
Сууга чөксөң балыкка пайда,
кур кыялга батсаң душманга пайда.
Суу ага берет, таш жата берет.
Суу агып турбаса, аны балыр басат.
Суу болбосо түшүм жок,
суу жок болсо турмуш жок.
Суу булаксыз болбойт,
күн нурсуз болбойт.
Суу да Теңиримдин колунан бүткөн.
Суу – жердин кан тамыры.
Суу - жашоонун булагы.
Суу кырк арыкта акса тазарат.
Суу менен өчкөн от кайра күйбөйт.
Суу – мүрөк.
Суу тартылат, сел токтойт.

Суу тешикти (жылчыкты) табат.
Суу түгөнсө сай калат.
Сууга балык бүтөт, эрге туяк бүтөт.
Сууга жакын – Кудайга жакын.
Суулуу жер – бейштин төрү,
суусуз жер – тозок көрү.
Суунун да сурагы бар.
Суу – жашоонун булагы.
Суу жерге, илим (билим, байлык) – элге.
Суу – адамдын жаны, өсүмдүк – каны.
Суу аккан арык жашаңча (Суу жүргөн өзөн кургабайт).
Суу бойдун кирин кетирет,
ойдун кирин кетирбейт.
Суу да катуу жерге токтойт.
Суу жок арыктан кол жууй албайсың.
Суу жээгинен кудук казбайт.
Суу ичкен кудугуңа түкүрбө.
Суу өз тереңин табат.
Суу менен келген, жел менен кетет.
Суу менен ойнобо – чөгөсүң, от менен ойнобо – күйөсүң.
Суу менен ойнобо, жай күнүнө ишенбе.
Суу сыйлаган зор болот, суу кордогон кор болот.
Суу ташыса – жээгине,
эр ташыса – элине.
Суу ылдый агып, суу өйдө чыкмайын адам кагылбайт.
Суудан өткөнчө энемди берейин,
суудан өткөн соң эмнемди берейин.
Сууну жер бөгөйт, жоону эр бөгөйт.
Суунун жакыны, төркүндүн алысы жакшы.
Суусасаң суудан таттуу жок.
Суу – нугуна карай, сөз – ыгына карай.
Аккан сууну арам айтпайт,
саздын суусун сараң айтпайт.
Асмандын буусубуз,
аккан арыктын суусубуз.
Байдын суусунан үмүт кылба,
сайдын суусунан үмүт кыл.
Дайра – дайра, дайраны байлаган – айла.
Дайраны бууганга даба жок,
сайранды курганга чара жок.
Калкыган булут да кайра суу болот.
Кара суудан каймак күтпөйт.
Кеменин жолу – сууда, жеменин жолу – чууда.
Мөңгү – мөлтүр суу.
Мөңгүдөн – тамчы, тамчыдан – булак, булактан – суу, суудан – дайра, дайрадан – көл, деңиз, мухит.

Мөңгүнүн булагы – мөл.
Суу баркын билбеген сууп тынат.
Суу жетпеген дарактын суру качат.
Суруга сук кара.
Суудан – буу, куудан – чуу.
Суудан – жайык менен, көлдөн - кайык менен (өтөсүң).
Сууну коротпо, кыкты жолотпо.
Сууну кайнатсаң буу болот,
кууну кайнатсаң чуу болот.
Сууну – кулак менен, чууну сурак менен (токтотот).
Суусаганга суу – кымыз.
Суусу бүткүчө суу тамыз.
Суусуз өмүр жок.
Тартылган суудан кемчилик издебейт.
Ташты агызган суу, башаты агызат.
Шар суу – шайыр суу.
Алыстасаң булак бар, анда дагы кулак бар.
Булакты булгаган – тентек,
адамды ылгаган – чөнтөк (жөнтөк).
Булакты бузук булгайт.
Булактын көзүн ач, буктун сөзүн ач.
Кудук толот - кулкун толбойт,
кудук соолот – кулкун соолбойт.
Кудукту кутурган булгайт.
Кууланган кудукка түшөт.

Жылдар өтүп, башкы байлык суу болоор,
Суусу бардын көтөргөнү туу болоор.
Жашоо башы жатат досум тоолордо
Дайра азайса талаа соолуп куу болоор.
Суу – ден соолук, ден соолугу жок элдин
Караан басып келечеги чуу болоор.

Таза болсоң суудай бол, Баарын жууп кетирген.
Күчтүү болсоң жердей бол, Баарын чыдап көтөргөн.

[1] Ырлар, айтыштар. /жыйноочу А.Жусупбеков – Б.:Бийиктик, 2006, 26-бет.